Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
## Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө

### 1-глава. Жалпы жоболор

**1-берене. Жөнгө салуу предмети**

1. Ушул Мыйзамды жөнгө салуу предмети болуп Кыргыз Республикасынын аймагында калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын, мамлекеттик кепилдиктерди жана коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү иш-чараларды ишке ашырууну камсыз кылуу, анын ичинде жугуштуу жана жугуштуу эмес, йод жетишсиздиги ооруларынын алдын алуу менен байланыштуу келип чыккан мамилелер саналат.

2. Бул Мыйзам:

1) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, юридикалык жактардын жана жарандардын ортосундагы коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салат;

2) Кыргыз Республикасынын жарандарына, чет өлкөлүк жарандарга жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу же убактылуу жашаган жарандыгы жок адамдарга ушул Мыйзамда каралган тартипте жана шарттарда өзүнүн таасирин жайылтат.

3. Ушул Мыйзамдын ишке ашырылышына саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан мониторинг жүргүзүлүүгө тийиш.

**2-берене. Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттык сактоо жөнүндө мыйзамы**

1. Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттык сактоо жөнүндө мыйзамы Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана ушул Мыйзамдан, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан, ошондой эле белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерден турат.

2. Жалпы таанылган принциптер жана эл аралык укуктун ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын курамдык бөлүгү болуп саналат.

3. Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарында жана ченемдик укуктук актыларында камтылган коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ченемдер ушул Мыйзамдын ченемдерине шайкеш келбеген учурда ушул Мыйзамдын ченемдери колдонулат.

**3-берене. Бул Мыйзамдын негизги максаттары жана милдеттери**

1. Бул Мыйзамдын негизги максаттары болуп саламаттык сактоого жана ден соолукка жагымдуу курчап турган чөйрөгө адамдын коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү конституциялык укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу саналат.

2. Саламаттык сактоого жана ден соолукка жагымдуу курчап турган чөйрөгө адамдын коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү конституциялык укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу максатында ушул Мыйзамдын негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) калктын ден соолугун чыңдоо;

2) Кыргыз Республикасында жарандардын сергек жашоо мүнөзүн калыптандыруу;

3) калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын камсыз кылуу;

4) коомдук саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрүнө жетүүнү жогорулатуу;

4) жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу;

5) коомдук саламаттык сактоо уюмдарын өнүктүрүү.

**4-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги түшүнүктөр жана аныктамалар**

Бул Мыйзамда төмөнкүдөй түшүнүктөр жана аныктамалар колдонулат:

1) **адаптация** - организмдин функциялык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүсүн, анын ишке жөндөмдүүлүгүнүн артуусун жана сырткы таасирлерге болгон каршылыгынын жогорулоосун чагылдырган жандуу организмдин өзгөрүлмө сырткы чөйрөнүн шарттарына карата ыңгайланышуу процесстери;

2) **адаптациялык жөндөмдүүлүгү** - мүмкүн болгон зыянды азайтуу, ыңгайлуу мүмкүндүктөрдү пайдалануу же кесепеттерди жоюу максатында системанын климаттын өзгөрүшүнө (климаттын өзгөрмөлүгүн, экстрим кубулуштарды кошо алганда) ыңгайлашууга жөндөмдүүлүгү;

3) **коомдук саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрүн алууда купуялуулук** – инсандыгын күбөлөндүрүүчү документтерди көрсөтпөстөн жана жактын жеке маалыматтарын кабарлабастан же болбосо кодду колдонуу менен өткөрүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдү алуу;

4) **бактерия чыгаруучу** – ооруну козгогучтун бактерияларын курчап турган чөйрөгө чыгаруучу адам же жаныбар;

5) **бактерия алып жүрүүчү** – организминде өзүн байкатпастан, жугуштуу ооруну козгогуч бактериялар болгон адам же жаныбар;

6) **вакцина (иммунобиологиялык дары препараты)** - активдүү же пассивдүү иммунитетти калыптандыруу же иммунитеттин болушун диагностикалоо же аллергендик заттарга иммунологиялык жооптун өзгөчө алынган өзгөрүүсүн диагностикалоо (иштеп чыгуу) үчүн арналган дары препараты;

7) **вакцинациялоо (иммунизациялоо)** - жугуштуу оорулардын алдын алуу максатында активдүү иммунитетти (сезбөөчүлүктү) түзүү методу;

8) **вирус чыгаруучу** - вирустарды - жугуштуу ооруларды козгогучтарды курчап турган чөйрөгө бөлүп чыгаруучу адам же жаныбар;

9) **АИВ-инфекциясы (АИВ)** - адамдын иммуну кем вирусу менен жаралган өнөкөт жугуштуу оору;

10) **адамга зыяндуу таасир этүү** – адамдын жашоо-турмушуна же ден соолугуна коркунуч же болбосо болочоктогу муундун жашоо-турмушуна же саламаттыгына коркунуч жаратуучу жашоо чөйрөсүнүн факторлорунун таасир этүүсү;

11) **мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл** - калктын ден соолугун сактоо жана чыңдоо максатында калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын камсыз кылуу жаатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуулардын алдын алуу, аныктоо, аларга бөгөт коюу боюнча иш-аракет;

12) **басмырлоо** – медициналык-санитардык жардам алууда жынысынын, расасынын, тилинин, ден соолугунун, майыптуулугунун, этностук таандыктыгынын, дин тутуусунун, курагынын, саясий же башка ынанымынын, билиминин, ата-тегинин, мүлктүк же башка абалынын белгилерине, ошондой эле башка жагдайларга негизденген ар кандай айырмачылык, чыгарып салуу, чектөө, ажыратуу жана артык көрүү;

13) **коомдук саламаттык сактоонун аралыктан кызмат көрсөтүүлөрү** – медициналык кызматкерлердин ич ара, юридикалык жана (же) жеке жактар жана (же) алардын мыйзамдуу өкүлдөрү менен аралыктан өз ара аракеттенүүсүн, аталган жактарды идентификациялоону, ошондой эле алар жасоочу иш-аракеттерди документтөөнү камсыз кылуучу, ден соолукту чыңдоо, оорулардын алдын алуу, ооруларды аныктоо жана диагностикалоо, алардын жайылышын азайтуу, санарип технологиялардын,

мобилдүү каражаттардын жардамы менен изилдөөлөрдү жана баа берүүлөрдү өткөрүү максатында коомдук саламаттык сактоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр;

14) **АИВде тестке чейинки консультация берүү** - АИВге тесттен өтүү жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн психосоциалдык консультация берүү;

15) **адамдын ден соолугу** - оорунун же дене-күчтүк дефекттердин болбогондугунун абалы гана эмес, адамдын дене-күчтүк, психикалык жана социалдык толук бакубаттык абалы;

16) **туура тамактануу** – адамдын өсүп-өнүгүшүн жаша жашоо-тиричилигин камсыз кылуучу, анын ден соолугун чыңдоого, оорулардын жана эрте өлүмдүн алдын алууга жардам берүүчү тамактануу;

17) **сергек жашоо мүнөзү (СЖМ)** – оорулардын алдын алуу жана ден соолукту чыңдоо, ошондой эле адамдын ден соолугуна тышкы факторлордун зыяндуу таасирин азайтуу (туура эмес тамактануу, алкоголь, чылым тартуу, психоактивдүү заттар ж.б.) жана эрте өлүмдүн алдын алуу максатында адамдын жашоо мүнөзү;

18) **иммунопрофилактика (жугуштуу оорулардын өзгөчө алдын алуу)** – вакцинациялоонун (иммунизациялоонун) жардамы менен белгилүү бир инфекцияга адамдын организминде иммунитетти (сезбөөчүлүктү) түзүү аркылуу жугуштуу оорулардын алдын алуу методу;

19) **жугуштуу оору боюнча индекстик учур** (индекстик бейтап) – ар кандай курактагы адамдын конкреттүү болгон жеринде же ал боюнча байланышкан адамдар изилденип жаткан башка адамдарга жуктуруу опурталы бар башка салыштырмалуу шарттарда ал адамдагы жугуштуу оорунун алгачкы аныкталган жаңы же кайталанган учуру;

20) **йод жетишсиздик оорусу** - дене-күчтүк жана акыл-эс жагынан өнүгүүнүн бузулушун, кретинизмди, эндемиялык богокту, аялдардын тукум улоо функциясынын бузулушун, бир жашка чейинки наристелердин өлүмүнүн көбөйүшүн кошо алганда, организмге йоддун келүүсүнүн азайышы менен шартталган калкан безинин функциясынын бузулушуна байланышкан организмдин патологиялык абалы;

21) **тамак-аш азыктарын йоддоо (фортификациялоо)** - йод жетишсиздик оорулардын жапырт алдын алуу үчүн тамак-аш азыктарын йод менен байытуу процесси;

22) **медициналык жардам көрсөтүү менен байланышкан инфекция** – жуктуруп алган, бирок ооруканадан чыккандан кийин пайда болгон инфекцияларды, ошондой эле медициналык кызматкерлердин саламаттык сактоо уюмунда иштеп жүрүп алардын жугуштуу ооруларын камтыган медициналык жардамды алууга келип түшүүдө жок болгон жана инкубациялык мезгилде болбогон, менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарында медициналык жардам көрсөтүү процессинде бейтаптын ден соолугун бузуучу инфекция;

23) **алдын ала эмдөөлөрдүн календары** - саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жарандарга алдын ала эмдөөлөрдү жүргүзүү мөөнөтү жана тартиби белгиленүүчү документ;

24) **калктын эң негизги топтору** - ар кандай эпидемиологиялык шарттарда жуктуруп алуунун жогорку тобокелдиктеги жана/же ашыкча жүктөмдөгү топтору;

25) **байланышкан жактар** - инфекцияны козгогучту бөлүп чыгаруучу же контаминацияланган материал менен байланышта болгон жактар;

26) **медициналык текшерүүдө купуялуулук** – медициналык текшерүү жана байкоо, анда адамга жугуштуу же жугуштуу эмес оорулар боюнча текшерүүдөн, байкоодон өткөндүгүнүн фактысы жөнүндө маалыматты сыр кылып сактоо кепилдиги берилет;

27) **АИВден жабыр тарткан адамдар (АЖА)** – жакын туугандары АИВди жуктуруп алгандыгы менен байланыштуу моралдык жана мүлктүк жактан зыян тарткан адамдар;

28) **медициналык маалымат системасы** - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети (мындан ары – Министрлер Кабинети) тарабынан аныкталган тартипте саламаттык сактоо субъекттеринин процесстерин электрондук форматта жүргүзүүнү камсыз кылуучу (маалыматтарды жаңылоо жана иштеп чыгуу эрежелерин, башкаруу жана баа берүү ыкмаларын камтыган) маалымат системасы;

29) **Эл аралык медициналык-санитардык эрежелер (ЭМСЭ)** – улуттук, региондук жана эл аралык деңгээлде медициналык-санитардык коопсуздукту күчөтүү максатында коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү эрежелерди белгилөөчү эл аралык документ;

30) **коомдук саламаттык сактоо** - бардык кызыкдар болгон тараптардын уюмдашкан күч-аракеттери, калкка, мамлекеттик жана жеке менчик уюмдарга, жамааттарга жана жеке жактарга маалымат берүү аркылуу коомдук саламаттыкты сактоого, оорулардын алдын алууга, адамдын өмүрүн узартууга жана ден соолугун чыңдоого багытталган иш-чаралардын системасы;

31) **чектөө иш-чаралары (карантин) -** жугуштуу оорулардын, жапырт уулануулардын жайылышынын жана өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга, аны андан ары жоюу менен эпидемиялык очокту локалдаштырууну камсыз кылууга багытталган жана чарбалык же башка иштин өзгөчө режимин, калктын, транспорт каражаттарынын, жүктөрдүн, товарлардын жана жаныбарлардын кыймылын чектөөнү караган убактылуу уюштуруучулук, режимдик-чектөөчүлүк, административдик-чарбалык, санитардык-эпидемиологиялык иш-чаралардын системасы;

32) **өзгөчө кооптуу инфекциялар** - оорулардын тез жайылышына жана көп сандаган адамдардын жуктуруп алуусуна, оорунун оор болушуна, өлүмдүн жогорку деңгээлде болушуна байланыштуу өзгөчө эпидемиологиялык коопттуулукту билдирүүчү жана эл аралык мааниге ээ болгон коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө өзгөчө кооптуулукту билдирүүгө жөндөмдүү окуялардын тизмегине кирген жугуштуу оорулардын тобу;

33) **ден соолукка таасир этүүнү баалоо** - калктын саламаттыгынын, саламаттык сактоону өнүктүрүүнүн жана бүтүндөй алганда социалдык-экономикалык өнүгүүнүн көз карашынан алгандагы белгилүү бир саясатты же программаны жүргүзүүнүн же болбосо конкреттүү кызматтардын же мекемелердин иш-аракетинин тикелей жана кыйыр натыйжаларына комплекстүү баа берүү;

34) **адамдын ден соолугу үчүн тобокелдикке баа берүү** - белгилүү бир шарттарда адамдын жашоо чөйрөсүнүн факторлорунун адамдардын конкреттүү тобуна таасир этүүсүнүн натыйжасында өнүгүүгө жөндөмдүү зыяндуу эффекттердин сандык жана сапаттык мүнөздөмөсү, курчап турган чөйрөнүн (абанын, суунун, тамак-аш азыктарынын) булганышынын жагымсыз кесепеттерин божомолдоо;

35) **иммунизациялоодон кийинки кошумча таасир (ИККТ)** - Алдын ала эмдөөлөрдүн календарына киргизилген алдын ала эмдөөдө, ошондой эле иммунизациялоодон кийин келип чыккан медициналык көз караштан алганда ар кандай жагымсыз көрүнүштү билдирүүчү эпидемиялык көрсөткүчтөр боюнча алдын ала эмдөөдө болгон вакцинадан кийинки оорунун кабылдашы;

36) **популяциялык иммунитет (коллективдүү иммунитет)** - калктын иммунитетинин өнүгүүсүнүн негизинде же болбосо вакцинациялоодон улам же мурда болгон инфекциянын кесепетинен келип чыгуучу жугуштуу оорудан кыйыр коргонуу;

37) **оорулардын алдын алуу** - оорунун пайда болуу жана тарап кетүү коркунучун алдын алууга же төмөндөтүүгө же болбосо анын агымын токтотууга, рецидив жана өтүшүп кетүүнү болтурбоого багытталган иш-чаралар;

38) **бирдиктүү саламаттык принциби** - адамдын ден соолугунун, жаныбарлардын саламаттыгынын жана курчап турган чөйрөнүн ортосундагы өз ара байланышты, ошондой эле калктын саламаттыгын камсыз кылуу үчүн сектор аралык координацияны караган мамиле;

39) **табигый-өзөктүү инфекциялар** - козгогучтары өзүнчө аймактарда – табигый уяларда, жаныбарлардын, кемирүүчүлөрдүн, куш-канаттуулардын, кан соргуч муунак буттуулардын (ар кандай инфекциялардын резервуарларында) жайгашып, мында табигый уянын эпидемиологиялык көрүнүшү козгогучтун циркуляциясынын интенсивдүүлүгүнө жана калктын экосистема менен байланышуу деңгээлине жараша болгон жугуштуу оорулар (жаныбарлардан адамга жугуучу);

40) **алдын алуу иш-чаралары** - жашоо чөйрөсүнүн, анын ичинде климаттын, экологиянын өзгөрүшүнүн, жол-транспорт кырсыктарынын факторлорунун калкка тийгизген кесепеттерин жоюуга же азайтууга, оорулардын, жапырт уулануулардын, өзгөчө кырдаалдардын пайда болуусунун, жайылып кетишинин алдын алууга же аларды жоюуга багытталган уюштуруучулук, административдик, инженердик-техникалык, медициналык-санитардык, ветеринардык, адаптациялык жана башка чаралар;

41) **профилактикалык дарылоо** - ооруну жугузуу же күчөтүү коркунучу бар адамдарда дары препараттарынын жардамы менен оорунун өрчүшүн же күчөшүн алдын алуу методу;

42) **алдын ала эмдөөлөр** - жугуштуу ооруларды өзгөчө кабыл албоону түзүү үчүн адамдын организмине медициналык иммунобиологиялык препараттарды берүү;

43) **психосоциалдык консультация берүү** - текшерилип жаткан адам менен колдоо көрсөтүп жаткан адамдын ортосундагы купуя диалог, ал психоэмоционалдык стрессти жеңип чыгууга жана жугуштуу оору боюнча чечим кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет;

44) **психоактивдүү зат (ПАЗ)** - борбордук нерв системасынын иштешине таасир этүүчү жана аң-сезим өзгөргөнгө чейинки психикалык абалдын өзгөрүшүнө алып келүүчү, Кыргыз Республикасында контролго алынган баңги каражаттарынын, психотроптук каражаттардын жана прекурсорлордун улуттук тизмелериндеги заттарды өзүнө камтыган зат;

45) **психикалык ден соолук** - бул психологиялык жана социалдык бакубаттык, мында адам өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырат, турмуштук оорчулуктарга жана стресске катуу туруштук берет, негиздүү аңдалган иш жүргүзөт жана социумду өнүктүрүүгө өзүнүн салымын кошот;

46) **мажбурлап текшерүү** - бул сот же тергөө органдарынын чечими боюнча адамдын макулдугусуз жүргүзүлүүчү жугуштуу ооруларды жуктуруп алышын медициналык текшерүү;

47) **АИВде тесттен кийинки консультация берүү** - АИВге тесттин жыйынтыктарын талкуулоо максатында психосоциалдык консультация берүү;

48) **кургак учуктун болжолдонгон учуру** - бул адамда кургак учукту көрсөтүүчү симптомдор же белгилер (жөтөл, арыктоо, түн ичинде тердөө жана дененин температурасынын жогорулашы);

49) **тузду таратуучулар** - тузду ташып келүүнү же сатууну ишке ашырган менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан юридикалык жана жеке жактар;

50) **санитардык-карантиндик контроль** - адамдын ден соолугу үчүн потенциалдуу коркунуч келтирген продукцияларды (товарларды) ташып келүүнүн, жугуштуу жана жапырт жугуштуу эмес ооруларды (ууланууларды) алып келүүнүн, пайда болуусунун жана жайылып кетишинин алдын алуу максатында адамдарга, транспорт каражаттарына жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлгө (контролго) контроль алдындагы мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрмө пункттарындагы, мамлекеттер аралык өткөрүүчү темир жол станцияларындагы же кошулган станциялардагы продукцияларга (товарларга) карата мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдүн (контролдун) түрү;

51) **калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгы** - жашоо чөйрөсүнүн факторлорунун адамга зыяндуу таасири болбогон жана анын жашоо-

тиричилигинин жагымдуу шарттары камсыз кылынганда калктын саламаттыгынын, адамдын жашоо чөйрөсүнүн абалы;

52) **санитардык-эпидемиологиялык кырдаал** - белгилүү бир аймакта белгилүү бир убакта калктын ооруп калуусунун деңгээли жана жашоо чөйрөсүнүн абалы;

53) **алдын ала эмдөөлөрдүн сертификаты** - алдын ала эмдөө алган адамдын эмдөөлөрү каттала турган документ;

54) **коомдук саламаттык сактоо кызматы** - иши сергек жашоо мүнөзүн калыптандырууга жана жарандардын ден соолугун чыңдоого, калктын саламаттыгына мониторинг жүргүзүүгө, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алууга, санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыкка жана коомдук саламаттык сактоо боюнча кызмат көрсөтүүлөргө багытталган менчигинин түрүнө карабастан коомдук саламаттык сактоо уюмдарынын системасы;

55) **социалдык-гигиеналык мониторинг** - калктын саламаттыгынын жана жашоо чөйрөсүнүн абалына байкоо жүргүзүүнүн, аларга талдоо жүргүзүүнүн, ден соолук жана божомол үчүн тобокелдиктерге баа берүүнүн, ошондой эле калктын саламаттыгы менен жашоо чөйрөсүнүн факторлорунун таасиринин ортосундагы себептик байланыштарды, анын ичинде өзгөчө кырдаалдарда, эпидемияларда аныктоонун мамлекеттик системасы;

56) **социалдык аралык сактоо** - адамдардын ортосундагы аралыкты алыстатуу аркылуу жугуштуу ооруларды токтотууга же алардын таралышын басаңдатууга жана жакынкы байланышты азайтууга, адамдардын топтолуусун болтурбоого багытталган медициналык эмес мүнөздөгү санитардык-эпидемиологиялык иш-чаралардын комплекси;

57) **социалдык мобилизация** - коомдун бардык негизги секторлору жалпы максатка жетишүү үчүн чогуу аракеттенген пландаштырылган процесс;

58) **оору менен байланыштуу стигматизация** - белгилүү бир оорунун белгилүү бир адам же жалпы мүнөздөмөлөрү бар адамдардын тобу менен терс ассоциациясынын келип чыгышы, ушундай адамдарга карата бир тараптуулуктун, стереотиптердин, басмырлоонун жана сегрегациянын жайылышында жана/же аларда каралуучу оору менен байланыштан улам алардын өздөрүнүн статусун жоготууда билдирилет;

59) **кургак учук** - кургак учуктун микобактериясынан жаралуучу жугуштуу оору;

60) **ден соолукту чыңдоо** - адамдарга жана жамааттарга ден соолукка социалдык, экономикалык, экологиялык факторлордун, жашоо чөйрөсүнүн жана жашоо мүнөзүнүн таасирин сезүүгө мүмкүндүк берүүчү жана ден соолукту жакшыртуу максатында аларга контролдукту күчөтүүчү процесс;

61) **калктын аялуу топтору** - бул турмуштук оор кырдаалда болгон жана/же эпидемиологиялык жактан начар райондо турган, ооруларга аялуу жана/же тобокелдик тобуна кирген адамдардын топтору;

62) **коомдук саламаттык сактоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр** - бул коомдук саламаттык сактоо кызматтарынын компетенциясынын алкагында жеке жана юридикалык жактардын суроо-талаптарын аткаруу боюнча ишке ашырылуучу жана укуктарды жүзөгө ашырууга, алардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын канааттандырууга же болбосо ушул Мыйзамды аткаруунун натыйжасында келип чыккан милдеттерди аткарууга багытталган ушул кызматтардын ишинин натыйжасы;

63) **ден соолук жана оорулардын пайда болушу үчүн тобокелдик факторлору** - оорунун келип чыгуу мүмкүндүгүн көбөйтүүчү же ден соолукка жагымсыз таасир этүүгө алып келүүчү факторлор;

64) **калктын максаттуу топтору** - оорунун келип чыгуусу жана анын өрчүшү, оорлошуусу жана майыптуулукка, эрте өлүмгө алып келүүчү кесепеттери жогорку тобокелдикте болгон адамдардын топтору;

65) **ден соолуктун санарип паспорту** - Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу тартипте жеке жакка да, саламаттык сактоо кызматкерлерине да жеткиликтүү болгон, санарип саламаттык сактоонун субъекттери тарабынан бүтүндөй

жашоосу бою электрондук булактардан түзүлүүчү жеке жактын ден соолугу жана ага көрсөтүлүүчү медициналык жардам жөнүндө түзүмдөштүрүлгөн корголгон жеке медициналык маалыматтардын топтому.

**5-берене. Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги багыттары**

Кыргыз Республикасында коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги принциптери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) саламаттык сактоонун профилактикалык багыттангандыгы жана калктын сергек жашоо мүнөзүнө карата табитин калыптандыруу;

2) коомдук саламаттык сактоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүнүн жана теңдигинин негизинде адамдардын саламаттыгын сактоо жана чыңдоо үчүн шарттарды түзүү;

3) бүтүндөй калктын жашоосунун сапатын жана социалдык бакубаттык деңгээлин жогорулатуучу фактор катары психикалык жана дене-күчтүк ден соолукту чыңдоо;

4) саламаттык сактоо жана чыңдоо чөйрөсүндө калктын керектөөлөрүнө ылайык коомдук саламаттык сактоону өнүктүрүү, коомдук саламаттык сактоо уюмдарынын иштөөсү үчүн бирдей шарттарды түзүү;

5) жарандарды оорулардын алдын алуу, саламаттыкты сактоо жана чыңдоо маселелери боюнча объективдүү жана анык маалымат менен камсыз кылуу;

6) бирдиктүү ден соолук принцибинин негизинде коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ишти координациялоо;

7) калктын жигердүү катышуусу менен калктын саламаттыгын сактоо жана чыңдоо маселелерин чечүүдө коомдук жана башка уюмдардын кызматташтыгы жана өз ара аракеттенүүсү;

8) жарандардын сапаттуу, эффективдүү, коопсуз дары каражаттарына жана медициналык буюмдарга бир тартипке келтирилген жетүүсүн камсыз кылуу;

9) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын алкагында мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, юридикалык жана жеке жактардын калктын саламаттыгы жана коомдук саламаттык сактоо боюнча көрсөтүлүүчү кызматтардын сапаты үчүн жоопкерчилиги;

10) адамдын жана жарандын өзүнүн жана башка адамдардын саламаттыгын сактоо жана чыңдоо үчүн болгон жоопкерчилиги;

11) калктын саламаттыгын сактоодо жана чыңдоодо юридикалык жана жеке жактардын экономикалык кызыкчылыгы;

12) алдын алуу иш-чараларынын илимий негиздүүлүгү;

13) бирдиктүү ден соолук, ден соолукту чыңдоо, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын таралышын жана алардын кесепеттерин азайтууну башкаруу принцибинин негизинде коомдук саламаттык сактоону өнүктүрүү боюнча мамлекеттик, максаттуу жана региондук программаларды кабыл алуу;

14) эмгек мыйзамына жана пенсиялык жана социалдык камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык каралган тартипте жана шарттарда өзгөчө эмгек шарттарында (зыяндуу жана кооптуу эмгек шарттары) иштегендиги үчүн жеңилдиктерди жана компенсацияларды белгилөө;

15) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана шарттарда жугуштуу жана жугуштуу эмес ооруларды кесиптик ооруларга кошуу;

16) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө маалыматтык технологияларды киргизүү жана өнүктүрүү;

17) жеке жакка да, саламаттык сактоо кызматкерлерине да жеткиликтүү болгон жана санарип саламаттык сактоонун субъекттери тарабынан бүтүндөй жашоосу бою электрондук булактардан түзүлүүчү жеке жактын ден соолугу жана ага көрсөтүлүүчү

медициналык жардам жөнүндө түзүмдөштүрүлгөн жеке медициналык маалыматтарды коргоо;

18) менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарынын окуу программаларына ден соолукту чыңдоо, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу маселелери боюнча тематикалык бөлүмдөрдү киргизүү;

19) Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө эл аралык кызматташуусу жана эл аралык милдеттенмелерди аткаруусу.

**6-берене. Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү негизги принциптер**

Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү негизги принциптер:

1) адамдын бүтүндөй жашоосу бою анын саламаттыгын чыңдоо жана сактоо;

2) адамдардын коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү укуктарын сактоо жана ушул укуктар менен байланышкан мамлекеттик кепилдиктерди камсыз кылуу;

3) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө басмырлоого жана стигматизациялоого жол бербөө;

4) коомдук саламаттык сактоо боюнча кызмат көрсөтүүлөргө бирдей жетүү жана алардын сапаты;

5) коомдук саламаттык сактоо боюнча кызматтарды көрсөтүүдө баш тартууга жол берилбестик;

6) жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуунун артыкчылыгы;

7) дарыгерлик сырды сактоо;

8) коомдук саламаттык сактоо системасынын ачык-айкындуулугу, эффективдүүлүгү жана отчеттуулугу.

## 2-глава. Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары

**7-берене. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары**

Министрлер Кабинетинин коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) Кыргыз Республикасынын аймагында коомдук саламаттык сактоо, калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын камсыз кылуу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жана мамлекеттик кепилдиктерди ишке ашыруу;

2) Кыргыз Республикасынын жарандарынын коомдук саламаттык сактоо, коомдук саламаттык сактоо боюнча кызмат көрсөтүүлөргө жетүүнү жогорулатуу чөйрөсүндө ден соолукту сактоого конституциялык укуктарынын ишке ашырылышын камсыз кылуу;

3) бирдиктүү ден соолук, ден соолукту чыңдоо, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын таралышын жана алардын кесепеттерин азайтууну башкаруу принцибинин негизинде коомдук саламаттык сактоону өнүктүрүү боюнча улуттук, мамлекеттик, максаттуу программаларды кабыл алуу, каржылоо жана алардын ишке ашырылышын контролдоо;

4) Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктердин программасын (МКП) кабыл алуу жана аны ишке ашырууну контролдоо;

5) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу;

6) ЭМСЭни ишке ашыруу чөйрөсүндө аткаруу бийлик органдарынын компетенциясын аныктоо;

7) коомдук саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдарды башкаруу жана каржылоо принциптерин аныктоо;

8) коомдук саламаттык сактоону өнүктүрүү, калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын камсыз кылуу маселелери боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялоо;

9) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө маалыматтык технологияларды өнүктүрүү боюнча чараларды көрүү, каржылоо жана аларды ишке ашырууну контролдоо;

10) калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын камсыз кылууга, жарандарга өзгөчө кырдаалдардагы, өзгөчө абалдагы жагдай жана көрүлүүчү чаралар жөнүндө маалымдоого багытталган чараларды ишке ашыруу;

11) Кыргыз Республикасынын аймагын жугуштуу ооруларды алып келүүдөн жана алардын таралышынан санитардык коргоону камсыз кылуу жана аны ишке ашыруу тартибин аныктоо;

12) Кыргыз Республикасынын аймагында жугуштуу оорулардын таралышын мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө жүргүзүү тартибин жана ушул Мыйзамга жана калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгы чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларга ылайык эпидемиологиялык кырдаалдын курчушуна жооп кайтаруу системасын аныктоо;

13) жеке жакка да, саламаттык сактоо кызматкерлерине да жеткиликтүү болгон жана санарип саламаттык сактоонун субъекттери тарабынан бүтүндөй жашоосу бою электрондук булактардан түзүлүүчү жеке жактын ден соолугу жана ага көрсөтүлүүчү медициналык жардам жөнүндө түзүмдөштүрүлгөн корголгон жеке медициналык маалыматтарды топтоо тартибин аныктоо;

14) бардык түрдөгү айыл чарба жаныбарларынын жугуштуу ооруларды жуктуруп алуусун туруктуу контролдоону камсыз кылуу жана аны ишке ашыруу тартибин аныктоо;

15) калктын сергек жашоо мүнөзүн калыптандырууга көмөктөшүү;

16) келишимдин негизинде коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр тартибин жана шарттарын аныктоо;

17) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты түзүүдө климаттын өзгөрүүсүнө көнүктүрүү маселелерин эсепке алуу.

**8-берене. Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктары**

1. Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) бирдиктүү ден соолук принцибинин негизинде коомдук саламаттык сактоону өнүктүрүү, ден соолукту чыңдоо, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын таралышын жана алардын кесепеттерин азайтууну башкаруу боюнча мамлекеттик, максаттуу жана региондук программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

2) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө улуттук, мамлекеттик жана максаттуу программаларды аткаруу боюнча саламаттык сактоо уюмдарынын ишин координациялоо;

3) калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгы чөйрөсүндөгү чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

4) медициналык кызмат көрсөтүүлөр сапатын, коопсуздугун башкаруу системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;

5) республиканын аймагын жугуштуу ооруларды алып келүүдөн жана алардын таралышынан санитардык коргоо боюнча иш-чараларды өткөрүүнү координациялоо;

6) жугуштуу оорулардын дүрт этүүсүн жана тамак-аш ууланууларын өз учурунда чектөө жана жоюу боюнча эпидемияга каршы, алдын алуучу иш-чараларды санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөөнү жана уюштурууну координациялоо;

7) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын талаптарынын аткарылышын көзөмөлдөө;

8) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте коомдук саламаттык сактоо жана техникалык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын талаптарынын аткарылышын мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө (контролдоо);

9) өзгөчө кырдаалдардын, өзгөчө абалдын кесепеттерин жоюу менен байланышкан маселелерди чечүүдө мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүгө катышуу;

10) тынч жана согуш мезгилинде коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү чараларды уюштуруу боюнча мобилизациялык даярдыкты ишке ашыруу;

11) саламаттык сактоо чөйрөсүндө жарандык коргонууну ишке ашыруу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу;

12) жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу чөйрөсүндө мамлекеттик органдардын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жана жеке жактардын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында иштеген чет өлкөлүк жактардын ишин координациялоо;

13) калк арасында жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын таралышынын деңгээлине, медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн эффективдүүлүгүнө байкоо жүргүзүү, баа берүү жана божомолдоо;

14) Министрлер Кабинетинин кароосуна бирдиктүү ден соолук принцибинин негизинде коомдук саламаттык сактоону өнүктүрүү, ден соолукту чыңдоо, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын таралышын жана алардын кесепеттерин азайтууну башкаруу боюнча сунуштарды киргизүү;

15) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө медициналык кадрларды даярдоо;

16) коомдук саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдардын ишин координациялоо жана мониторинг жүргүзүү;

17) коомдук саламаттык сактоо боюнча кызмат көрсөтүү стандарттарын аныктоо;

18) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү иш-чараларга мониторинг жүргүзүү жана баа берүү;

19) коомдук саламаттык сактоо системасын андан ары өнүктүрүүнү жана жакшыртууну камсыз кылуу;

20) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө эл аралык укуктун ченемдерине, эл аралык укук колдонуу тажрыйбасына талдоо жүргүзүү;

21) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө илимди жана жаңы технологияларды өнүктүрүүгө талдоо жүргүзүү.

2. Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп ЭМСЭ боюнча улуттук координатор саналат.

3. ЭМСЭ боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук координатору (мындан ары – Улуттук координатор) оорулардын эл аралык таралышына жол бербөө, алардан сактануу, аларга каршы күрөшүү жана коомдук саламаттык сактоо деңгээлинде жооптуу чараларды көрүү боюнча аткаруу бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишин координациялоону ишке ашырат жана ЭМСЭ маселелери боюнча эл аралык уюмдар жана чет мамлекеттер менен өз ара аракеттенет.

**9-берене. Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары**

1. Тиешелүү аймакта коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашырууну камсыз кылуу;

2) саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен өз ара аракеттенүүдө бирдиктүү ден соолук принцибинин негизинде коомдук саламаттык сактоону өнүктүрүү, ден соолукту чыңдоо, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын таралышын жана алардын кесепеттерин азайтууну башкаруу боюнча мамлекеттик, максаттуу жана региондук программаларды ишке ашырууну камсыз кылуу;

3) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө мамлекеттик органдардын макулдашылган ишин жана алардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу;

4) мезгил-мезгили менен медициналык кароолорду жана алдын алуу иш-чараларын өткөрүү маселелери боюнча менчигинин түрүнө карабастан уюмдардын, жергиликтүү коомчулуктун саламаттык сактоо уюмдары менен өз ара аракеттенүүсүн уюштуруу;

5) жергиликтүү бюджеттен каржылануучу коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

6) коомдук саламаттык сактоонун жана калк үчүн саламаттык сактоо уюмдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн инфраструктуралык жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн инженердик, коммуналдык жана телекоммуникациялык инфраструктураны түзүү жана өнүктүрүү;

7) коомдук саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдарга кайтарымсыз негизде муниципалдык менчикти берүү;

8) сергек жашоо мүнөзүн өнүктүрүүгө көмөктөшүү жана калк арасында оорулардын тобокелдик факторлорун азайтуу, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу, жугуштуу оорулардын өзгөчө кооптуу түрлөрү жөнүндө маалымдоо маселелери боюнча жарандык коомдун, жалпыга маалымдоо каражаттарынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу;

9) алгачкы медициналык-санитардык жардамды, санитардык-эпидемияга каршы (алдын алуучу) иш-чараларды жана вакцинациялоону уюштуруу маселелери боюнча калк арасында маалыматтык жана түшүндүрүү иштерин өткөрүү;

10) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү учурдагы кырдаалга мониторинг жүргүзүү жана биргелешкен ыкчам чечимдерди кабыл алуу үчүн саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга маалымдоо;

11) коомдук саламаттык сактоо уюмдарын өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү.

2. Тиешелүү аймакта коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү кызматтарды көрсөтүүнү жана өнүктүрүүнү уюштуруу;

2) тиешелүү аймакта сергек жашоо мүнөзүн калыптандыруу, калкты санитардык-гигиеналык агартуу боюнча иш-чараларды ишке ашырууга көмөк көрсөтүү;

3) санитардык-эпидемияга каршы (алдын алуучу) иш-чаралардын өз учурунда өткөрүлүшүн камсыз кылууга көмөк көрсөтүү;

4) карантиндик-чектөө чараларынын өз учурунда өткөрүлүшүн камсыз кылууга көмөк көрсөтүү;

5) мамлекеттик ыйгарым укуктарды белгиленген тартипте өткөрүп берүүдө коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү кызматтарды көрсөтүү үчүн имараттар жана башка объекттер менен камсыз кылуу;

6) жергиликтүү бюджеттен каржылануучу коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү программалардын ишке ашырылышын контролдоо.

3. Тиешелүү аймактын жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз ара аракеттенүүдө ден соолукту чыңдоо, сергек жашоо мүнөзүн өнүктүрүү, ошондой эле коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө ден соолук үчүн жагымдуу курчап турган чөйрөнү түзүү боюнча адамдын жана жарандын конституциялык укуктарын ишке ашыруу үчүн инженердик, коммуналдык, телекоммуникациялык инфраструктураны жана шарттарды түзүшөт жана өнүктүрүшөт.

**10-берене. Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдү жана ЭМСЭни координациялоону ишке ашыруучу кызмат адамдарынын ыйгарым укуктары**

1. Кыргыз Республикасынын башкы мамлекеттик санитардык врачы кызмат орду боюнча Улуттук координатордун жооптуу адамы болуп саналат жана Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктарга ээ.

2. Кыргыз Республикасынын башкы мамлекеттик санитардык врачы:

1) Кыргыз Республикасынын аймагында коомдук саламаттык сактоо кызматынын ишин координациялайт;

2) өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал шарттарында Кыргыз Республикасынын аймагында коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү иш-чараларды координациялоону жана алардын ишке ашырылышын контролдоону ишке ашырат.

3. Кыргыз Республикасынын башкы мамлекеттик санитардык врачы саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчисинин сунушу боюнча Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат, саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчисинин орун басарынын статусуна ээ. Кыргыз Республикасынын башкы мамлекеттик санитардык врачынын кызмат ордун жогорку медициналык билими, коомдук саламаттык сактоо уюмдарда кеминде 10 жыл иш стажы бар, анын ичинде жетектөөчү кызмат орундарында кеминде 7 жыл иштеген адам ээлейт.

4. Улуттук координатор оорулардын эл аралык таралышына жол бербөө, алардан сактануу, аларга каршы күрөшүү жана коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө жооптуу чараларды көрүү боюнча мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ишин координациялоону ишке ашырат жана Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу тартипте ЭМСЭ маселелери боюнча эл аралык уюмдар жана чет мамлекеттер менен өз ара аракеттенет.

5. Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдү ишке ашыруучу кызмат адамдары ушул Мыйзамдын жана калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгы чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын талаптарын жетекчиликке алат.

6. Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдү ишке ашыруучу кызмат адамдары төмөнкүлөргө укуктуу:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте көзөмөлдөө объекттерине тоскоолсуз кирүүгө жана текшерүүгө;

2) аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынан, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, жеке жана юридикалык жактардан калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын камсыз кылуу маселелери боюнча документтештирилген маалыматты алууга;

3) мамлекеттик органдардан, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан уюмдардан, жарандардан эпидемияга каршы иш-чараларды жана санитардык-эпидемиологиялык ченемдер менен эрежелерди милдеттүү түрдө аткарышын талап кылууга;

4) санитардык-эпидемиологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө;

5) продукцияларды, чийки заттарды, жумушчу аймактын абасын, сууну, топуракты изилдөө үчүн сынамдарды белгиленген тартипте тандап алууну жүргүзүүгө, жашоо чөйрөсүнүн факторлорунун санитардык эрежелерге шайкеш келишин аныктоо максатында ушундай факторлорду өлчөөнү жүргүзүүгө;

6) адамдын жашоо-турмушуна коркунуч жаралганда, жугуштуу оорулар жана жапырт ууланyу келип чыкканда жана жайылганда объекттин же анын бир бөлүгүнүн ишин техникалык регламенттердин, калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгы чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын бузуулары жоюлганга чейин токтото турууга;

7) техникалык регламенттердин жана санитардык-эпидемиологиялык ченемдер менен эрежелердин талаптарына шайкеш келбеген продукцияны жана азык-түлүк чийки затын алып коюу боюнча чечимдерди кабыл алууга;

8) адамдын ден соолугу үчүн коопсуздугун ырастоочу тиешелүү документтери жок болгон мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдө контролдо турган продукцияны алып келүүгө (импорттоого), ташып чыгарууга (экспорттоого) тыюу салууга;

9) санитардык-эпидемиологиялык ченемдер менен эрежелердин жана техникалык регламенттердин талаптарына шайкеш келбеген продукцияны жана азык-түлүк чийки затын өндүрүүгө, жүгүртүүгө жана сатууга тыюу салууга;

10) техникалык регламенттердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарына шайкеш келбестик аныкталган учурларда колдонулушун токтото туруу (токтотуу), продукциянын техникалык регламенттерге шайкештигин ырастоочу документтерди жараксыз деп таануу жөнүндө жазма буйруктарды берүүгө;

11) аткаруучу жумушунун же өндүрүштүн өзгөчөлүгүнө байланыштуу жугуштуу ооруларды козгогучтарды алып жүрүүчү жана жугуштуу ооруларды жайылтуу булагы болушу мүмкүн болгон адамдарды, ошондой эле медициналык текшерүүдөн же күбөлөндүрүүдөн өтпөгөн адамдарды иштен убактылуу четтетүү боюнча жазма буйруктарды берүүгө;

12) ташып келинген продукцияны, мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдө контролдо турган товарларды санитардык-эпидемиологиялык текшерүү жүргүзүүгө;

13) калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгы чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын бузулгандыктары жөнүндө протокол түзүүгө жана аларды жоюу жөнүндө санитардык жазма буйруктарды берүүгө;

14) калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгы чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылар бузулган учурларда белгиленген тартипте сотко доо берүүгө;

15) санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыкты камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузуу үчүн эскертүү же айып түрүндө жаза колдонуу жөнүндө чараларды белгиленген тартипте кабыл алууга.

7. Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдү ишке ашыруучу кызмат адамдары санитардык-эпидемиологиялык бакубаттык чөйрөсүндөгү мыйзамдардын бузулушун аныктаган учурда өзүнүн компетенциясынын чегинде белгиленген тартипте тиешелүү чараларды көрүшөт.

**11-берене. Коомдук саламаттык сактоо кызматы**

1. Менчигинин түрүнө карабастан коомдук саламаттык сактоо уюмдары санитардык-гигиеналык жана эпидемияга каршы иш-чараларды, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алууну камсыз кылышат жана өткөрүшөт, сергек жашоо мүнөзүн калыптандырууга жана калктын ден соолугун чыңдоого, жашоо чөйрөсүнүн факторлорунун адамга зыяндуу таасиринин алдын алууга, коомдук

саламаттык сактоо чөйрөсүндө калкты гигиеналык жактан тарбиялоого жана агартууга жардам беришет.

2. Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөөнү жана контролдоону коомдук саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдар ишке ашырат.

3. Коомдук саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдар бирдиктүү системаны билдирет, ал өзүнө Кыргыз Республикасынын башкы мамлекеттик санитардык врачына отчет берүүчү шаарлардын жана райондордун коомдук саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдарын камтыйт.

4. Коомдук саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдардын түзүмү жана иши саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат, буга анын ведомстволук бөлүмдөрү кирбейт, алардын түзүлүшү, кайра түзүлүшү жана жоюлушу Министрлер Кабинетинин чечими менен ишке ашырылат.

**12-берене. Коомдук саламаттык сактоо адистерин даярдоо**

Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү адистерди даярдоо жана аларды даярдоонун сапатын башкаруу Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу тартипте ишке ашырылат.

## 3-глава. Жеке жана юридикалык жактардын коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү укуктары жана милдеттери

**13-берене. Адамдын жана жарандын коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү жалпы укуктары жана милдеттери**

1. Ар бир адам төмөнкүлөргө укуктуу:

1) ооруга байланыштуу адамдын кадыр-баркын кемсинтүүнү болтурбаган, урматтоо менен жана гумандуу мамиледе болууга;

2) факторлору адамга зыяндуу таасир этпеген жагымдуу жашоо чөйрөсүнө;

3) врачты, менчигинин түрүнө карабастан коомдук саламаттык сактоо уюмдарын эркин тандоого;

4) укуктары, учурдагы оорусунун мүнөзү жана коомдук саламаттык сактоо боюнча көрсөтүлүүчү кызматтар тууралуу маалыматтарды алууга;

5) оорулары жана алдын алуу чаралары жөнүндө анык маалыматтарды алууга;

6) санитардык-эпидемиологиялык кырдаал, жашоо чөйрөсүнүн абалы, продукциялардын сапаты жана коопсуздугу жөнүндө маалыматты алууга;

7) калктын саламаттыгын сактоо жана санитардык-эпидемиологиялык бакубаттык чөйрөсүндөгү техникалык регламенттердин талаптарын аткарууга коомдук контролдоо жүргүзүүгө;

8) мамлекеттик органдарга, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана коомдук саламаттык сактоо уюмдарына калктын саламаттыгын сактоону жана чыңдоону камсыз кылуу жөнүндө сунуштарды киргизүүгө;

9) башка жарандар, жеке жана юридикалык жактар тарабынан санитардык мыйзамдарды бузуудан улам, ошондой эле алдын алуу иш-чараларын аткарууда ден соолугуна же мүлкүнө келтирилген зыянды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык толук көлөмүндө төлөтүп алууга;

10) объекттердин канааттандырбаган абалынын, продукциялардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын маселелери боюнча коомдук саламаттык сактоо кызматынын уюмдарына арыздар (даттануулар) менен кайрылууга;

11) сергек жашоо мүнөзү, бүтүндөй жашоосу бою ден соолугун чыңдоо жана оорулардын алдын алуу жөнүндө маалыматтарды алууга.

2. Ар бир адам төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) ушул Мыйзамдын, саламаттык сактоо жана калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгы чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын талаптарын аткарууга;

2) өздөрүнүн ден соолугу, ошондой эле өз балдарынын ден соолугу, аларга гигиеналык тарбия берүү жана окутуу жөнүндө кам көрүүгө;

3) башка жарандардын ден соолукту сактоого жана ден соолук үчүн жагымдуу жашоо чөйрөсүнө болгон укуктарын бузууга алып келүүчү иш-аракеттерди жасабоого;

4) коомдук саламаттык сактоо маселелери боюнча медициналык кызматкердин сунуштамаларын аткарууга.

**14-берене. Иммунопрофилактиканы ишке ашырууда жарандардын укуктары жана милдеттери**

1. Жарандар иммунопрофилактиканы ишке ашырууда төмөнкүлөргө укуктуу:

1) медициналык кызматкерлерден алдын ала эмдөөлөрдүн зарылдыгы, алардан баш тартуунун кесепеттери, мүмкүн болгон ИККТ жөнүндө толук жана объективдүү маалыматтарды алууга;

2) саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдарда МКПга ылайык Алдын ала эмдөөлөрдүн календарына киргизилген акысыз алдын ала эмделүүгө;

3) менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарында Алдын ала эмдөөлөрдүн календарына киргизилбеген акы төлөнүүчү алдын ала эмделүүгө;

4) жугуштуу оорулардын келип чыгуу жана жайылуу коркунучу болгон учурда эпидемиологиялык көрсөткүчтөр боюнча алдын ала эмдөөлөрдү алууга;

5) акысыз медициналык кароодон өтүүгө, ал эми зарыл болгон учурда саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдарда алдын ала эмдөөлөрдүн алдында медициналык жактан текшерилүүгө;

6) ИККТ келип чыккан учурда саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдарда акысыз дарылануууга;

7) ИККТ келип чыккан учурда социалдык жактан коргонууга;

8) эгерде башка ченемдик актыларда башкасы каралбаса, алдын ала эмдөөлөрдөн баш тартууга.

2. Аткарылышы жугуштуу оорулар менен ооруп калуунун жогорку деңгээлдеги тобокелдиги менен байланышкан жана алдын ала эмдөөлөрдөн милдеттүү түрдө өтүүнү талап кылган иштердин тизмеги Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

3. Иммунопрофилактиканы ишке ашыруучу медициналык кызматкерлерге саламаттык сактоо жөнүндө мыйзамда каралган укуктар жана милдеттер жайылтылат.

4. Иммунопрофилактиканы ишке ашырууда жарандар төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) медициналык кызматкерлердин жазма буйруктарын жана сунуштамаларын аткарууга;

2) милдеттүү же сунушталган вакцинациялоо боюнча медициналык кызматкерлердин жазма буйруктарын жана сунуштамаларын аткарууга;

3) алдын ала эмдөөлөрдөн баш тартууну жазуу жүзүндө ырастоого.

**15-берене. Адамдардын кургак учук чөйрөсүндөгү укуктары жана милдеттери**

1. Кургак учук менен ооруп калган адамдар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) өздөрүнүн укуктары жана алардын ооруларынын мүнөзү жана дарылоонун колдонулуучу методдору жөнүндө маалыматтарды алууга;

2) МКПга ылайык алгачкы медициналык-санитардык жана адистештирилген медициналык жардамдын мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдарында дарылануууга;

3) кургак учукка каршы уюмга чакырууда же консультацияга жөнөтүүдө республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен акысыз (барып-келиши) жол жүрүүгө укуктуу;

4) кургак учук менен ооруп калышынан улам эмгекке жарамдуулугун убактылуу жоготууда эмгек мыйзамына ылайык майыптуулук тобу аныкталганга чейинки же болбосо клиникалык айыгып чыкканга чейинки мөөнөткө иштеген ордунун жана ээлеген кызматынын сакталышына;

5) МКПга ылайык акысыз милдеттүү лабораториялык-диагностикалык текшерилүүгө;

6) ушул Мыйзамга ылайык кургак учук менен ооругандардын жашаган жерлеринде эпидемияга каршы иш-чараларга;

7) эгерде расмий түрдө жумушсуз деп саналса, жумуш издөө мезгилине, анын ичинде убактылуу эмгекке жарамсыздык мезгилине калкты ишке орноштурууга көмөктөшүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык жумушсуздук боюнча жөлөкпул алууга.

2. Алдын ала дарыланып жаткан балдар менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарында билим берүү программалары боюнча окууга укуктуу.

3. Кургак учук болуп ооруп калгандар менен байланышкан адамдар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) тегерегиндегилерге кургак учук жуктуруу коркунучун туудурган адамдарды аныктоо үчүн акысыз милдеттүү лабораториялык-диагностикалык текшерүүдөн өтүүгө, ошондой эле саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталуучу мезгил-мезгили менен медициналык жактан текшерилип турууга;

2) кургак учук болуп ооругандар жашаган жерлерде алдын ала чаралар ушул Мыйзамга ылайык ишке ашырылат.

4. Кургак учук менен ооруп калган адамдар төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) иш жүзүндө жашаган жери боюнча саламаттык сактоо уюмдарында каттоого турууга;

2) турмуш-тиричиликте жана өндүрүштө өзүн кандай алып жүрүү керектиги боюнча медициналык кызматкердин сунуштамаларын аткарууга;

3) медициналык кызматкердин чакыруусу боюнча саламаттык сактоо уюмуна келүүгө;

4) өзүнүн тегерегиндеги адамдарга кургак учук жуктуруп албоого, алар иш жүзүндө жашаган жерлерде эпидемияга каршы жана алдын ала иш-чараларын, ден соолукту чыңдоо боюнча чараларды өткөрүүгө тоскоолдук кылбоого;

5) жашаган жерин которгон учурда 10 күндүк мөөнөттө иш жүзүндө жашаган жери боюнча саламаттык сактоо уюмдарында каттоого турууга.

5. Кургак учук болуп ооруп калгандар менен байланышкан адамдар төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) тегерегиндегилерге кургак учук жуктуруу коркунучун туудурган адамдарды аныктоо үчүн лабораториялык-диагностикалык текшерүүдөн өтүүгө, ошондой эле саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталуучу мезгил-мезгили менен медициналык жактан текшерилип турууга;

2) саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталуучу алдын ала дарылануудан өтүүгө;

3) медициналык кызматкердин чакыруусу боюнча саламаттык сактоо уюмуна келүүгө.

**16-берене. Жеке жактардын АИВ чөйрөсүндөгү укуктары жана милдеттери**

1. Кыргыз Республикасынын жарандарына, Кыргыз Республикасынын аймагында жашап турушкан же жүрүшкөн чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга төмөнкүлөргө укук берилет:

1) ведомстволук баш ийүүсүнө жана менчигинин түрүнө карабастан коомдук саламаттык сактоо уюмдарында ыктыярдуу, купуя, жашыруун түрдө АИВге медициналык текшерүүдөн өтүүгө;

2) курагы 14 жашка жеткенден кийин мыйзамдуу өкүлдөрүнүн макулдугусуз ыктыярдуу жана купуя медициналык текшерилүүгө;

3) саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталуучу тартипте мамлекеттик же расмий тилде тестке чейинки жана тесттен кийинки психосоциалдык консультация алууга;

4) ведомстволук баш ийүүсүнө жана менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарында АИВ менен байланыштуу ыктыярдуу, купуя медициналык байкоодон өтүүгө;

5) профилактикалык программаларга катышууга жана профилактикалык каражаттарга, анын ичинде медициналык арналыштагы буюмдарга жана профилактикалык жактан дарыланууга жетүүгө;

6) АИВ менен байланыштуу профилактика, диагностика чөйрөсүндө адистештирилген, квалификациялык жардам алууга;

7) АИВ жана профилактика чаралары жөнүндө анык маалыматтын кепилденген минимумун алууга.

2. АИВ менен жашаган адамдын (ВЖА) укуктары жана милдеттери:

1) ВЖА төмөнкүлөргө укуктуу:

а) квалификациялык юридикалык жардам жана психосоциалдык консультацияга алууга;

б) сексуалдык жана репродуктивдүү укуктарын ишке ашырууга;

в) Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген атайын тизмекте аныкталган адистиктерден жана кызматтардан башка, кесиптик билимге ээ болууга, тандап алган кесиби боюнча эмгектенүүгө жана кайра даярдоодон өтүүгө;

г) саламаттык сактоо боюнча кызмат көрсөтүүлөргө бирдей жетүүгө;

д) өлкөнүн ичинде тоскоолдуксуз жүрүүгө жана өлкөдөн сыртка чыгууга.

2) ВЖАнын милдеттери:

а) ВЖА АИВдин энеден балага берилишин кошо алганда, АИВдин башка адамдарга берилишин болтурбоо боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү;

б) жашы жете элек, аракетке жөндөмсүз ВЖАнын мыйзамдуу өкүлдөрү эпидемияга каршы жана профилактикалык иш-чараларды сактоого милдеттүү.

3. Дары каражаттарын сыноо, илимий изилдөө же окуу процесси, сүрөткө тартуу, видео- же кино тасмага тартуу үчүн объект катары ВЖАны тартуу алардын же алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана жүргүзүлөт.

4. ВЖА бүткүл социалдык-экономикалык, саясий, жеке укуктарга жана эркиндиктерге толук ээ болушат, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген милдеттерди аркалашат.

5. Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган же жүргөн жарандар, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык милдеттерди аткарышат.

**17-берене. Юридикалык жактардын коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү укуктары жана милдеттери**

1. Юридикалык жактар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) санитардык-эпидемиологиялык кырдаал, жашоо чөйрөсүнүн абалы жөнүндө жана коомдук саламаттык сактоо маселелерин жөнгө салуучу актылар тууралуу маалымат алууга;

2) калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын камсыз кылуу боюнча сунуш киргизүүгө;

3) башка жарандар, жеке жана юридикалык жактар тарабынан санитардык мыйзамдарды бузуунун айынан ден соолугуна же мүлкүнө келтирилген зыянды, ошондой эле профилактикалык иш-чараларды аткарууда келтирилген зыянды толук көлөмүндө төлөтүп алууга.

2. Юридикалык жактар төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) ушул Мыйзамдын талаптарын, ошондой эле аны ишке ашыруу боюнча ченемдик укуктук актыларды аткарууга;

2) аткарылуучу жумуштардын, продукциялардын жана көрсөтүлүүчү кызматтардын адамдын ден соолугу үчүн коопсуздугун камсыздоого жана өндүрүштүк контролдоо жүргүзүүгө;

3) продукциялардын жаңы түрлөрүнүн жана аларды жасоонун технологиясынын адамдын ден соолугуна коопсуздугу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте негиздеме берүүгө;

4) авариялык жагдайлар, өндүрүштүн токтошу, технологиялык процесстердин калктын саламаттыгына коркуныч келтирүүчү бузулушу, алааматтуу жаратылыштык-климаттык абалдар жөнүндө калкка, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, коомдук саламаттык сактоо органдарына жана уюмдарына өз учурунда маалымат берүүгө;

5) иш-аракеттери азык-түлүк продуктуларын жана ичүүчү сууну чыгаруу, сактоо, ташуу жана сатуу, балдарды тарбиялоо жана окутуу, калкты коммуналдык жана турмуш-тиричилик жактан камсыз кылуу менен байланышкан кызматкерлердин медициналык кароодон өтүшүн жана аларды гигиеналык окутууну камсыз кылууга.

## 4-глава. Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө мамлекеттин кепилдиктери

§ 1. Иммунопрофилактика чөйрөсүндө мамлекеттин кепилдиктери

**18-берене. Иммунопрофилактика чөйрөсүндө мамлекеттик саясат**

1. Иммунопрофилактика чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат жугуштуу оорулардын алдын алууга, алардын жайылышын чектөөгө жана жоюуга багытталган.

2. Иммунопрофилактика чөйрөсүндө мамлекет төмөндөгүлөргө кепилдик берет:

1) жарандар үчүн алдын ала эмдөөлөрдүн жеткиликтүүлүгүнө;

2) Алдын ала эмдөөлөрдүн календарына киргизилген алдын ала эмдөөлөрдү жана МКПга ылайык саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдарда эпидемиялык көрсөткүчтөр боюнча акысыз алдын ала эмдөөлөрдү жүргүзүүгө;

3) ИККТ учурда жарандарды социалдык жактан коргоого;

4) иммунопрофилактиканы ишке ашыруу үчүн мыйзамда белгиленген тартипте сертификатталган вакциналарды колдонууга;

5) вакциналардын сапатын, эффективдүүлүгүн жана коопсуздугун мамлекеттик контролдоого;

6) иммунопрофилактика жана жаңы вакциналарды иштеп чыгуу чөйрөсүндөгү илимий изилдөөлөрдү колдоого;

7) медициналык кызматкерлерди даярдоонун мамлекеттик билим берүү стандарттарына иммунопрофилактика маселелерин киргизүүгө;

8) статистикалык байкоо жүргүзүү системасын өркүндөтүүгө;

9) иммунопрофилактика чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик маалыматтык саясатты камсыз кылууга;

10) эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө.

3. Иммунопрофилактика чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашырууну Министрлер Кабинети, саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган жана жер-жерлерде аткаруу бийлик органдары камсыз кылышат.

**19-берене. ИККТ келип чыккан учурда жарандарды социалдык жактан коргоо**

1. ИККТ келип чыккан учурда жарандар эксперттик комиссиянын корутундусуна ылайык эмгекке убактылуу жөндөмсүздүгү боюнча мамлекеттик жөлөкпулдарды жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка жөлөкпулдарды алууга укуктуу.

2. Эмгекке убактылуу жөндөмсүздүгү боюнча жөлөкпулдардын төлөнүшү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттарынан жүргүзүлөт.

§ 2. Кургак учуктун алдын алуу чөйрөсүндө мамлекеттин кепилдиктери

**20-берене. Кургак учуктун алдын алуу боюнча мамлекеттик саясат**

1. Мамлекет төмөндөгүлөргө кепилдик берет:

1) кургак учукту өзгөчө иммунопрофилактикалоо;

2) кургак учук болуп ооругандар менен байланышта болгон адамдарды медициналык текшерүү;

3) менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарында амбулатордук жана стационардык шарттарда консультациялык-диагностикалык жардам берүү;

4) профилактикалык дарылоо;

5) кургак учук менен ооруган адамдын ден соолугу жөнүндө маалымат берүү;

6) кургак учук менен ооруунун кесепетинен майыптык алган адамдарды ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын укуктарын жана кепилдиктерин коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык кесиптик даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;

7) кургак учук менен ооруунун кесепетинен майыптык алган адамдарды ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын укуктарын жана кепилдиктерин коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн жумушчу орундарын квоталоо аркылуу уюмдарга ишке орноштуруу;

8) саламаттык сактоо уюмдарында, реабилитациялык борборлордо же ден соолугу боюнча үй шарттарында болгон, кургак учук менен ооруган балдарга белгиленген билим берүү стандарттарына ылайык билим берүү программалары боюнча окутууга укук.

2. Кургак учукка каршы профилактикалык жардам МКПга ылайык алгачкы медициналык-санитардык, кургак учукка каршы стационардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдары, ошондой эле коомдук саламаттык сактоо кызматынын уюмдары жана менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо боюнча башка уюмдар тарабынан төмөнкүлөр аркылуу камсыз кылынат:

1) алдын ала эмдөөлөр календарына ылайык кургак учукту өзгөчө иммунопрофилактикалоону жүргүзүү;

2) кургак учук болуп ооруган адам менен байланышта болгон адамдарды медициналык текшерүү;

3) кургак учук болуп ооруган адамдарга менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарында амбулатордук жана стационардык шарттарда консультациялык-диагностикалык жардам берүү;

4) кургак учук болуп ооруган адамдарды профилактикалык дарылоо жана аларга МКПга ылайык акысыз дары-дармектик жардам берүү;

5) кургак учук менен болжолдуу ооруган адамдарга диагностикалык кызматтарды көрсөтүү.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кургак учуктун алдын алуу жана сергек жашоо мүнөзүн калыптандыруу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу, жалпыга

маалымдоо каражаттары, социалдык тармактар аркылуу калкка кургак учук жөнүндө маалымат берүү, кургак учук жөнүндө калкка түшүнүк берүү үчүн иш-чараларды өткөрүү, эмгекке жарамсыздарга, аз камсыз болгондорго жана калктын башка аялуу топторуна кирген кургак учук менен ооруп калгандарга социалдык жардам көрсөтүү аркылуу кургак учуктун жайылышын алдын алууга жигердүү катышат.

**21-берене. Кургак учук менен ооруп калууну кесиптик ооруларга таандык кылуу**

Кызматтык милдеттерин аткарууда кургак учукка каршы жардам көрсөтүүчү медициналык жана башка кызматкерлердин кургак учукту жуктуруп алуусу кесиптик оорулардын категориясына кирет.

**22-берене. Эмгек чөйрөсүндөгү жеңилдиктер**

1. Кургак учукка каршы адистештирилген медициналык жардам көрсөтүүчү медициналык жана башка кызматкерлер узактыгы 14 календардык күн болгон кошумча өргүү алууга, кызматтык маянасынын 30 пайызы өлчөмүндө эмгек акысына кошумча төлөм алууга укуктуу.

2. Өлкөдө же өзүнчө региондо кургак учук боюнча эпидемиологиялык өзгөчө кырдаал мезгилине Министрлер Кабинети, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан адамдардын кургак учук менен ооруп калган учурларын өз учурунда аныктагандыгы үчүн медициналык кызматкерлерди материалдык жактан сыйлоо чаралары колдонулат.

§ 3. АИВдин алдын алуу чөйрөсүндө мамлекеттин кепилдиктери

**23-берене. АИВдин алдын алуу боюнча мамлекеттик саясат**

1. Мамлекет төмөндөгүлөргө кепилдик берет:

1) АИВдин алдын алуу боюнча комплекстүү чараларды жүргүзүүгө;

2) АИВ маселелери боюнча калкка үзгүлтүксүз анык маалыматтарды, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу берип турууга;

3) АИВ маселелери боюнча билим берүү уюмдарынын окуу программаларына тематикалык бөлүмдөрдү киргизүүгө;

4) медициналык кызматтарды көрсөтүүдө инфекциялык контролдоо чараларын камсыз кылууга;

5) мамлекеттик жана расмия тилде тестке чейинки жана тесттен кийинки психосоциалдык консультацияларды жүргүзүү менен АИВге медициналык текшерүүдөн өтүүгө;

6) акысыз анонимдүү медициналык текшерүүгө;

7) Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу калктын эң негизги, максаттуу жана аялуу топторунун арасында АИВге акысыз медициналык текшерүүдөн өтүүгө;

8) АИВге медициналык текшерүү жана күбөлөндүрүү жана анын жыйынтыктары фактысы жөнүндө маалыматтардын купуялыгына;

9) МКПга ылайык саламаттык сактоо уюмдарында ВЖАны профилактикалык дарылоонун бардык түрлөрүнө акысыз жана жеңилдетилген шарттарда жетүүсүн камсыз кылууга;

10) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ВЖАны жана АЖАны социалдык жактан коргоого;

11) саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик же муниципалдык уюмдарда медициналык жардам көрсөтүүдө АИВди жуктуруп алган 18 жашка чыккан адамдарга, ошондой эле балдардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө белгиленген тартипте акчалай компенсация төлөп берүүгө;

12) АИВди жуктуруп алуу тобокелдиги бар медициналык кызматкерлерди жана башка адистерди жеке коргонуу каражаттары жана коопсуз эмгек шарттары менен камсыз кылууга;

13) АИВ маселелери боюнча чараларды ишке ашыруу үчүн адистерди даярдоого;

14) АИВ маселелери боюнча илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүүгө;

15) АИВ маселелерин чечүүгө багытталган коомдук жана кайрымдуулук иштерине көмөк көрсөтүүгө;

16) эл аралык кызматташууну өнүктүрүүгө, АИВ боюнча эл аралык программалардын алкагындагы маалымат жана тажрыйба менен үзгүлтүксүз алмашып турууга;

17) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик социалдык заказ аркылуу ден соолукту чыңдоо жана АИВдин алдын алуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү алууда анонимдүүлүккө;

18) АИВ боюнча жүзөгө ашырылып жаткан чаралардын ачык-айкындыгын камсыз кылууга;

19) саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик же муниципалдык уюмдарда медициналык жардам көрсөтүү менен байланыштуу АИВди жуктуруп алган күнгө карата 18 жашка жете элек адамдарга баштапкы, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына кабыл алуу үчүн бөлүнүүчү билим берүү гранттары (кабыл алуу квоталары) берилет.

2. АИВ маселелери боюнча мамлекеттик, максаттуу жана региондук программаларга катышууну кошо алганда, АИВ маселелери боюнча чараларды ишке ашырууга менчигинин түрүнө карабастан уюмдар, анын ичинде эл аралык уюмдар, ошондой эле жеке адамдар жана чет өлкөлүк жарандар катыша алышат.

3. ВЖАга төмөнкүлөргө жол берилбейт:

1) Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү тизмек менен белгиленген айрым түрдөгү кесиптик иштен тышкары, АИВ менен байланышкан эмгек келишимин түзүүдөн баш тартууга же болбосо аны токтотууга;

2) менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарында жана саламаттык сактоо уюмдарында кызмат көрсөтүүлөрдү алуудан баш тартууга.

**24-берене. АИВге чалдыккан балдарды социалдык жактан коргоо**

1. АИВ диагнозу коюлган 18 жашка чейинки курактагы балдар ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар деп таанылат.

2. АИВге чалдыккан балдарга катталган учурдан тартып, ал эми АИВге чалдыккан энелерден төрөлгөн балдарга төрөлгөндөн тартып 18 айга толгонго чейин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттик жөлөкпул белгиленет.

3. АИВге чалдыккан энелерден төрөлгөн балдар бир жашка чыкканга чейин республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен эне сүтүн алмаштыруучу азыктар менен камсыз кылынат.

4. АИВге чалдыккан, 18 жаштан ашкан адамдар медициналык-социалдык эксперттик комиссиядан жалпы негиздерде текшерүүдөн өтөт.

5. АИВге чалдыккан, менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарында, реабилитациялык борборлордо же ден соолугуна байланыштуу үй шартында жүргөн балдар белгиленген билим берүү стандарттарына жана программаларына ылайык орто билим берүү мектебинин жана баштапкы кесиптик билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча окууга укуктуу.

6.АИВге чалдыккан балдарды менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарына жана санаториялык-ден соолукту чыңдоо мекемелерине кабыл алуудан баш тартууга жол берилбейт.

**25-берене. ВЖАны жана АЖАны социалдык жактан коргоо**

1. 18 жашка толгон адамдарга, ошондой эле АИВ жугузган күнгө карата 18 жашка толо элек балдардын ата-энелерине (ата-энелерин алмаштырган адамдарга) мамлекеттик же муниципалдык саламаттык сактоо уюмдарында медициналык жардам көрсөтүүдө АИВ жуккан учурда бир жолку акчалай компенсация төлөнөт. Бир жолку акчалай компенсацияны төлөө тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат. Бир жолку акчалай компенсациянын өлчөмү 1 000 эсептик көрсөткүчтөн төмөн болушу мүмкүн эмес.

2. АИВге чалдыккан, майыптыгы аныкталган адамдарга майыптык боюнча пенсия, ал эми Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пенсия менен камсыз кылынууга укугу жок болгон учурда социалдык жөлөкпул дайындалат.

3. АИВге чалдыккан 14 жашка чейинки балдардын ата-энелеринин бири же аны иш жүзүндө багып жаткан адам Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте эмгекке убактылуу жарамсыздык боюнча жөлөкпул төлөө менен стационарларда бирге болууга укуктуу.

**26-берене. АИВди кесиптик ооруларга кошуу**

1. Медициналык, фармацевтик, социалдык же башка кызматкерлер кызматтык милдеттерин аткарып жаткан учурда АИВди жуктуруп алуусу кесиптик оорулардын категориясына кирет.

2. Аталган кызматкерлерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана өлчөмдө жеңилдиктер берилет жана бир жолу берилүүчү мамлекеттик жөлөкпул төлөнөт.

3. Менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдары медициналык кызматкерлерди медициналык кызматтарды көрсөтүүдө зарыл болгон коргоо каражаттары менен камсыз кылууга жана АИВге чалдыкпаганын аныктоо максатында аларды үзгүлтүксүз текшерип турууга милдеттүү.

4. Менчигинин түрүнө карабастан жумуш берүүчүлөр өз кызматкерлерин АИВ жана зарыл болгон учурда жумуш орундарында коргонуу чаралары жөнүндө маалыматтар менен камсыз кылууга милдеттүү.

## 5-глава. Калктын ден соолугун чыңдоо, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу

§1. Калктын ден соолукту чыңдоо жана оорулардын алдын алуу

**27-берене. Сергек жашоо мүнөзү**

1. Адамдардын, жергиликтүү жамааттардын оңчулуктуу, жашоо мүнөзүн дурус жагына өзгөртүүгө багытталган умтулууларын калыптандыруу жана колдоого алуу, ден соолукту сактоого, чыңдоого жана тобокелдик факторлорунун таасирин азайтууга көмөк берүүчү жагымдуу чөйрөнү түзүү төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) сергек жашоо мүнөзүн сактоонун жүйөлөрүн, шарттарын түзүүнү, тийиштүү билгичтиктерди жана көндүмдөрдү иштеп чыгууну, дене тарбия жана спортту өнүктүрүүнү;

2) ден соолукту чыңдоо жана сергек жашоо мүнөзүнүн көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча программаларды билим берүү системасына киргизүүнү;

3) калктын ден соолугун чыңдоо боюнча программаларды ишке ашырууга катышууну;

4) психикалык ден соолукту чыңдоону жана психикалык ден соолукка, психикалык жактан оорулууларга карата коомдун мамилесин түздөөнү.

2. Сергек жашоо мүнөзүн киргизүү жана ден соолукту чыңдоо боюнча иш-чаралар менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан жеке жана юридикалык

жактар тарабынан ишке ашырылат, коомдук саламаттык сактоо кызматы тарабынан координацияланат.

3. Профилактикалык жана ден соолукту чыңдоо боюнча иш-чаралар бүтүндөй жашоо бою калктын бардык топторуна карата жүргүзүлөт жана жыныс курактык, психологиялык жана социалдык аспекттерди эске алат.

**28-берене. Социалдык мобилизациялоо жана маалыматтык камсыз кылуу**

Калктын ден соолугун сактоо жана чыңдоо маселелери боюнча социалдык мобилизациялоо Кыргыз Республикасынын калкынын арасында сергек жашоо мүнөзүнүн маселелери боюнча маалыматтуулукту көбөйтүү жана билимдерди берүү жана жугуштуу, жугуштуу эмес оорулардын тобокелдик факторлорун кыскартуу максаттарында жүргүзүлөт.

**29-берене. Калктын ден соолугун сактоого жана чыңдоого жергиликтүү жамааттардын, коомдук уюмдардын катышуусу**

Жергиликтүү жамааттар, менчигинин түрүнө карабастан коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү уюмдар, медициналык, ветеринардык, фармацевтик, кесиптик бирликтер, экологиялык жана башка коомдук бирикмелер өздөрүнүн уставдарына ылайык калктын ден соолугун сактоонун, чыңдоонун жана коопсуз жашоо чөйрөсүнүн маселелерин чечүүгө катыша алат.

**30-берене. Жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара аракеттенүү**

Телерадиокомпаниялар, басма сөз каражаттары ден соолукту сактоо жана чыңдоо проблемаларын келишимдердин негизинде чагылдырат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык социалдык программаларды, роликтерди жана ар кандай материалдарды жайгаштыруу үчүн эфирдик убакыт берет.

**31-берене. Скринингдик изилдөөлөр**

1. Скринингдик изилдөөлөр ооруларды эрте стадияда аныктоо жана оорулардын, оорулардын келип чыгышына түрткү болгон тобокелдик факторлорунун өрчүшүнүн алдын алуу, калктын ден соолугун калыптандыруу жана чыңдоо максатында калктын эң негизги жана максаттуу топторунун арасында өткөрүлөт.

2. Скринингдик изилденүүгө тийиш адамдардын максаттуу жана эң негизги топтору Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу ушул изилдөөлөрдөн өтүү тартибинде, көлөмүндө жана мезгилинде скринингдик изилдөөлөрдөн өтүшү керек.

Өткөрүлгөн скринингдик изилдөөлөрдүн жыйынтыктары ушул изилдөөлөрдү ишке ашырган менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдары тарабынан ден соолуктун санарип паспортуна жана медициналык маалыматтык системага киргизилет.

4. Жумуш берүүчүлөр МКПнын жана/же кызматкерлерди кошумча колдоо чараларынын алкагында ушул кароодон өтүүгө тийиш адамдардын скринингдик изилдөөлөрдөн өтүүсү үчүн шарттарды түзүшөт, ошондой эле эмгек мыйзамына ылайык жумуш ордун (кызмат ордун), орточо эмгек акысын сактоо менен жумуш мезгилинде алардан өтүүсү үчүн кызматкерлерди иштен тоскоолдуксуз коё беришет.

5. Скринингдик изилдөөлөрдүн өз учурунда болушу жана сапаты саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан контролдонот.

**32-берене. Динамикалык байкоо**

1. Динамикалык байкоо саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталуучу тартипте МКПнын алкагында алгачкы медициналык-санитардык жардамдын деңгээлинде өнөкөт оорулары бар бейтаптарга жүргүзүлөт.

2. Динамикалык байкоого алынууга жаткан өнөкөт оорулардын тизмеги саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.

3. Иши зыяндуу шарттар жана кызматкерлердин ден соолугуна залакат келтирүү мүмкүндүгү менен байланышкан, өзүнүн ишин саламаттык сактоо уюмдарында ишке ашыруучу медициналык, фармацевтик жана башка кызматкерлер аталган уюмдун каражаттарынын эсебинен динамикалык байкоодон өтүүгө укуктуу.

**33-берене. Билим берүү системасында профилактикалоо**

1. Билим берүү системасында профилактикалоо балдардын жана жаштардын ден соолукту чыңдоого, алардын ден соолугун сактоого жана балдар менен жаштардын ден соолугуна динамикалык байкоо жүргүзүүгө, алардын арасында оорулардын алдын алууга багытталган.

2. Балдардын жана жаштардын саламаттыгын сактоо жана ооруларынын алдын алуу боюнча иш-чаралар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) адистердин көчмө бригадаларын тартууну кошо алганда, менчигинин түрүнө карабастан түздөн-түз билим берүү уюмдарында скринингдик изилдөөлөрдү, милдеттүү профилактикалык медициналык кароолорду өткөрүү;

2) окуу мезгилинде жана каникул учурунда ден соолукту чыңдоо боюнча иш-чараларды уюштуруу;

3) билим берүү уюмдарында ден соолукту чыңдоого, сергек жашоо мүнөзүн калыптандырууга, оорулардын алдын алууга, туура тамактануу принциптерин киргизүүгө жана сактоого, репродуктивдүү ден соолукту сактоого багытталган саламаттык сактоо технологияларын киргизүү;

4) психикалык ден соолукту сактоо, тамеки буюмдарын, психоактивдүү заттарды медициналык эмес колдонуу, ошондой эле кумар оюндарына патологиялык берилип кетүү менен чакырылган суицид жүрүм-турумунун жана көз карандылыктын алдын алуу;

5) балдарды жана жаштарды профилактикалык кароолордун жыйынтыгы боюнча тереңдетилген медициналык текшерүүгө жөнөтүү;

6) Алдын ала эмдөөлөрдүн календарына ылайык вакцинациялоо;

7) балдардын жана жаштардын арасында оорулардын алдын алуу, сергек жашоо мүнөзүн пропагандалоо жана калыптандыруу боюнча окутуучу семинарларды, тренингдерди жана лекцияларды уюштуруу жана өткөрүү;

8) ата-энелерди жана менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарынын кызматкерлерин билим берүү жана маалыматтык-түшүндүрүү программаларын жана иш-чараларын өткөрүү менен балдардын жана жаштардын ден соолугун сактоого тартуу;

9) санитардык эрежелердин жана инфекциялык контролдоонун талаптарын сактоо;

10) медициналык тез жардам көрсөтүүчү медициналык кызматкерлер келгенге чейин өтө шашылыш абалда алгачкы жардам көрсөтүү.

3. Профилактикалык медициналык жардамды уюштуруу МКПнын алкагында тейлөө аймагында билим берүү уюму жайгашкан алгачкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдары тарабынан ишке ашырылат.

4. Профилактикалык медициналык жардамдын ишин уюштуруу саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталуучу тартипте билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү жана коомдук саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдар менен бирдикте жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан ишке ашырылат.

§2. Иммунопрофилактика

**34-берене. Иммунопрофилактикалоо чөйрөсүндөгү ишти уюштуруунун негиздери**

1. Кыргыз Республикасында иммунопрофилактикалоо саламаттык сактоо уюмдары, анын ичинде коомдук саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдар тарабынан жүргүзүлөт.

2. Коргоо, чек ара кызматы, улуттук коопсуздук, ички иштер, жазаларды аткаруу, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу чөйрөлөрүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын системаларында жана башка аскер түзүлүштөрүндө иммунопрофилактикалоо ведомстволук медициналык кызмат тарабынан ишке ашырылат.

**35-берене. Алдын ала эмдөөлөрдүн календары**

Алдын ала эмдөөлөрдүн календары башкаруучу инфекцияга каршы жүргүзүлүүчү пландуу алдын ала эмдөөнү камтыйт. Пландуу алдын ала эмдөөлөр Алдын ала эмдөөлөрдүн календарында белгиленген мөөнөттө Кыргыз Республикасынын бардык жарандарына жасалат.

**36-берене. Эпидемиялык көрсөткүчтөр боюнча алдын ала эмдөөлөр**

1. Жугуштуу оорулардын пайда болуу жана жайылуу коркунучу жаралган учурда эпидемиялык көрсөткүчтөр боюнча алдын ала эмдөөлөр жарандарга жүргүзүлөт.

2. Эпидемиялык көрсөткүчтөр боюнча алдын ала эмдөөлөрдү жүргүзүү жөнүндө чечимди Кыргыз Республикасынын башкы мамлекеттик санитардык врачы, облустук, шаардык жана райондук башкы мамлекеттик санитардык врачы, ал эми Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, ички иштер, жазаларды аткаруу, улуттук коопсуздук, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын мекемелеринде - тийиштүү медициналык-санитардык кызматтын начальниктери кабыл алышат.

3. Кан аркылуу берилүүчү вирустук гепатиттерге каршы эпидемиялык көрсөткүчтөр боюнча алдын ала эмдөөлөр Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу тартипте жарандарга жасалат.

**37-берене. Алдын ала эмдөөлөрдү жүргүзүүгө талаптар**

1. Алдын ала эмдөөлөр менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарында жарандарга жасалат.

2. Эмдөөлөрдүн календарынын алкагында жана эпидемиялык көрсөткүчтөр боюнча алдын ала эмдөөлөр саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдарда жарандарга жасалат.

3. Алдын ала эмдөөлөр жарандардын, жашы жете электердин ата-энелеринин же башка мыйзамдуу өкүлдөрүнүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте аракетке жөндөмсүз деп таанылган жарандардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн макулдугу менен жүргүзүлөт.

4. Алдын ала эмдөөлөр медициналык терс көрсөткүчтөрү жок жарандарга жасалат.

5. Алдын ала эмдөөлөрдү жүргүзүүнүн мөөнөтү, тартиби, каттоо жана ага карата талаптар, ошондой эле алдын ала эмдөөлөрдүн медициналык документтеринин жана сертификатынын формалары саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

**38-берене. Вакциналарга талаптар**

1. Иммунопрофилактика үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык катталган ата-мекендик жана чет өлкөлүк вакциналар колдонулат.

2. Иммунопрофилактика үчүн колдонулуучу вакциналар милдеттүү түрдө сертификацияланууга тийиш.

3. Иммунопрофилактика үчүн арналган вакциналарды дарыкана уюмдарында сатууга тыюу салынат.

**39-берене. Вакциналарды сактоо жана ташып келүү**

1. Вакциналарды сактоо жана ташып келүү санитардык эрежелердин талаптарына ылайык ишке ашырылат.

2. Вакциналарды сактоону жана ташып келүүнү контролдоону коомдук саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдар ишке ашырат.

**40-берене. Вакциналарды мамлекеттик контролдоо**

Иммунопрофилактика үчүн пайдаланылуучу вакциналардын сапатын, эффективдүүлүгүн жана коопсуздугун мамлекеттик контролдоону Министрлер Кабинети вакциналарды контролдоого ыйгарым укук берген мамлекеттик ишке ашырат.

**41-берене. Вакциналар (иммунобиологиялык дары-дармектер) менен камсыз кылуу**

1. Пландуу алдын ала эмдөөлөрдүн календарына киргизилген алдын ала эмдөөлөрдү жана эпидемиялык көрсөткүчтөр боюнча алдын ала эмдөөлөрдү жүргүзүү үчүн саламаттык сактоонун уюмдарын вакциналар менен камсыз кылууну коомдук саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюм аркылуу саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ишке ашырат.

2. Вакциналар менен өз учурунда камсыз кылуу жана Пландуу алдын ала эмдөөлөрдүн календарына киргизилген алдын ала эмдөөлөрдү жана эпидемиялык көрсөткүчтөр боюнча алдын ала эмдөөлөрдү жүргүзүү үчүн Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу тартипте жылдык керектөөдөн кеминде 6 ай көлөмүндө вакциналардын мамлекеттик резервдик запасы түзүлөт.

**42-берене. Иммунопрофилактика чөйрөсүндөгү мамлекеттик статистикалык байкоо**

1. Алдын ала эмдөөлөр, ИККТ, алдын ала эмдөөлөрдөн баш тартуу учурлары жөнүндөгү маалыматтар мамлекеттик статистикалык эсепке алынат.

2. Алдын ала эмдөөлөр, ИККТ, алдын ала эмдөөдөн баш тартуу учурлары жөнүндөгү маалыматтар медициналык документтерде жана алдын ала эмдөөнүн сертификаттарында каттоодон өтүүгө тийиш.

§3. Жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу

**43-берене. Жугуштуу эмес оорулардын жана жаракаттардын алдын алуу**

Калк арасында жугуштуу эмес оорулардын жана жаракаттардын алдын алуу төмөнкүлөр аркылуу камсыз кылынат:

1) ден соолук жана оорулардын келип чыгуусу үчүн тобокелдиктин жүрүм-турум факторлорунун алдын алуу жана сергек жашоо мүнөзүн жана туура тамактанууну пропагандалоо, ошондой эле оорулардын алдын алуу маселелери боюнча окутуучу программаларды киргизип, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жардамы менен калкка маалымат берүү аркылуу калктын маалымдуулугун жогорулатуу;

2) алгачкы медициналык-санитардык жардамдын жана коомдук саламаттык сактоонун адистери тарабынан калк арасында жугуштуу эмес оорулар менен ооругандыктын, жаракат алуунун абалына, ден соолук үчүн тобокелдик факторлоруна жана ооруларды азайтуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу менен оорулардын келип чыгышына мониторинг жана талдоо жүргүзүү;

3) калктын ден соолугун сактоо жана чыңдоо боюнча координацияланган көп сектордуу иш-чараларды жүргүзүү;

4) жугуштуу эмес оорулардын, күтүлбөгөн кырсыктардын жана жаракаттардын алдын алуу боюнча мамлекеттик, улуттук, максаттуу жана башка программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

5) скринингдик изилдөөлөрдү жүргүзүү, эрте убакта кайрылууга дем берүү, милдеттүү кароолорду кошо алганда, калкты профилактикалык медициналык кароо аркылуу өнөкөт жугуштуу эмес оорулары бар адамдарды аныктоо;

6) өнөкөт оорулары бар адамдарды динамикалык байкоо жана өз учурунда дарылоо, анын ичинде МКПга ылайык Кыргыз Республикасынын айрым категориядагы жарандарын амбулатордук дары-дармектер менен камсыз кылуу.

**44-берене. Психоактивдүү заттарга көз карандылыктын алдын алуу**

1. Психоактивдүү заттарды колдонууда келип чыккан бузулуулардын жана алардын кесепеттерин алдын алуу өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) ден соолукту сактоого жана аны чыңдоого, социалдык бакубаттыкка жетүүгө умтулууга түрткү берүүчү турмуштук көндүмдөрдү калыптандыруу;

2) психоактивдүү заттарды колдонуунун кесепеттери жөнүндө маалымдоого илимий-негизделген методдорду жана ыкмаларды түзүү;

3) катаал учурларда жаштарды колдоо системасын уюштуруу;

4) психоактивдүү заттарды колдонууда келип чыккан бузулуулары бар адамдардын арасында кесепеттерди азайтууга багытталган зыянды басаңдатуу боюнча программаларды кошо алганда, профилактикалык программаларга жетүүнү камсыз кылуу;

5) психоактивдүү заттардын зыяны, ошондой эле аларды колдонуунун медициналык-социалдык-укуктук аспекттери жөнүндө маалымдуулукту күчөтүү жана түшүнүк берүү;

6) баңги каражаттарын, психоактивдүү заттарды жана алардын аналогдорун жарнамалоого, анын ичинде иштеп чыгуу, даярдоо жана колдонуу ыкмалары, методдору, аларды сатып алуу, өндүрүү жана жайылтуу жерлери жөнүндө маалыматтарга тыюу салуу;

7) Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу тартипте кан аркылуу берилүүчү вирустук гепатиттерге каршы эпидемиялык көрсөткүчтөр боюнча жарандарга алдын ала эмдөөлөрдү жасоо;

8) АИВдин, кан аркылуу берилүүчү вирустук гепатиттердин алдын алуу маселелери боюнча маалымдуулукту күчөтүү.

2. Психоактивдүү заттарды колдонууда келип чыккан бузулуулардын жана алардын кесепеттерин алдын алуу жана ушундай адамдарга психосоциалдык жардам көрсөтүү төмөнкүлөр менен камсыз кылынат:

1) менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдары;

2) жазык-аткаруу системасынын медициналык-санитардык кызматтары;

3) коомдук жана өкмөттүк эмес уюмдар.

**45-берене. Онкологиялык шишиктердин алдын алуу**

Онкологиялык шишиктердин алдын алуу төмөнкүлөр аркылуу ишке ашырылат:

1) ден соолукка коркунучу бар ишке кирүүдө милдеттүү профилактикалык медициналык кароолордон өтүү;

2) онкологиялык патологияга (онкологиялык сергектик) шектенүүнү жараткан симптомдорду болтурбоо үчүн балдарга жана чоң курактагы калктын максаттуу топторундагы адамдарга өз учурунда динамикалык байкоо жүргүзүүнү ишке ашыруу;

3) онкологиялык оорулардын келип чыгуу коркунучу факторлору жөнүндө калк арасында санитардык-агартуу иштерин жүргүзүү;

4) онкологиялык шишиктердин өрчүшү менен күчөшү мүмкүн болгон ооруларды өз учурунда дарылоо;

5) рактын жайылган түрлөрүн эрте диагностикалоо жана скринингдик изилдөөлөрдү жүргүзүү;

6) профилактикалык вакцинациялоо жүргүзүү.

**46-берене. Кант диабетинин алдын алуу**

1. Кант диабетининин алдын алуу объекттери болуп диабет болуу коркунучунун факторлоруна ээ болгон Кыргыз Республикасынын бардык жарандары саналат.

2. Калк арасында кант диабетинин алдын алуу төмөнкүлөр аркылуу камсыз кылынат:

1) Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу тартипте эрте диагностикалоо жана скринингдик изилдөөлөрдү жүргүзүү;

2) калктын максаттуу топторунун арасында милдеттүү профилактикалык медициналык кароолорду өткөрүү;

3) кант диабетине шектенүүнү жараткан симптомдорду болтурбоо үчүн балдарга жана чоң курактагы калктын максаттуу топторундагы адамдарга өз учурунда динамикалык байкоо жүргүзүүнү ишке ашыруу;

4) калк арасында кант диабетинин коркунуч факторлору жана анын алдын алуу, туура тамактануу, ден соолукту чыңдоо жөнүндө санитардык-агартуу, маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

§ 4. Кургак учуктун алдын алуу

**47-берене. Кургак учукка каршы иш-чаралар жана аларды жүргүзүү принциптери**

1. Кыргыз Республикасында кургак учукка каршы иш-чаралар (санитардык-ден соолукту чыңдоо, эпидемияга каршы, алдын алуучу, диагностикалык) ушул Мыйзамда жана башка ченемдик укуктук актыларда, саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарда жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде белгиленген негизде жана тартипте жүргүзүлөт.

2. Кургак учуктун алдын алуу Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган бардык жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн акы төлөнбөс, жалпыга жеткиликтүүлүк жана бирдей мүмкүнчүлүктөр принциптеринде ишке ашырылат.

3. Кургак учуктун алдын алуу төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) жаңы төрөлгөндөрдү кургак учукка каршы вакцинациялоо, ал милдеттүү болуп саналат жана ушул Мыйзамга ылайык Алдын ала эмдөөлөрдүн календарында белгиленген мөөнөттө жүргүзүлөт;

2) МКПга ылайык жүргүзүлүүчү профилактикалык дарылоо;

3) кургак учук болуп ооругандар менен байланышта болгон адамдарды медициналык текшерүү;

4) тобокелдик тобундагы адамдарга жүргүзүлүүчү кургак учукту диагностикалоо.

4. Кургак учукту жайылтуу коркунучун жараткан адамдарга тизмеги Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү жумуштарда иштөөгө жол берилбейт. Аталган тизмекке киргизилген жумушта медициналык текшерүүдөн өтпөгөн адамдардын иштөөсүнө тыюу салынат.

5. Кургак учук болуп ооругандар менен байланышта болгон адамдар жана/же тобокелдик тобундагы адамдар саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталуучу кургак учукту диагностикалоо максатында милдеттүү медициналык текшерүүдөн өтүшөт.

6. Тегерегиндегилерге кургак учукту жуктуруу коркунучун жараткан адамдарды аныктоо үчүн акысыз милдеттүү лабораториялык изилдөөлөр, ошондой эле саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталуучу

мезгилдүүлүк менен кургак учуктун микобактерияларынын болушуна медициналык текшерүү жүргүзүлөт.

7. Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарына медициналык кызмат көрсөтүү үчүн кайрылган чет өлкөлүк жарандарга кургак учукту диагностикалоо максатында медициналык текшерүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык жүргүзүлөт.

**48-берене. Каттоо жана эсебин алуу**

1. Кургак учуктун бардык индекстик учурлары Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу тартипте санарип технологияларынын негизинде милдеттүү түрдө мамлекеттик катталууга жана эсепке алынууга жатат.

2. Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын жана жазык-аткаруу системасынын медициналык кызматтарынын кызматкерлери тергөө изоляторлорунда кармалган же эркиндигинен ажыратуу жерлеринде жүргөн адамдардын иш жүзүндө жашаган жери боюнча саламаттык сактоонун мамлекеттик уюмдарына жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө органдарына төмөнкүлөр тууралуу маалымдоого милдеттүү:

1) кургак учук менен ооруп калган ар бир алгачкы аныкталган учур жөнүндө;

2) жазык-түзөтүү системасынан бошотулуучу кургак учук менен ооруп калган адамдар жөнүндө;

3) кургак учуктан каза болгон адамдар жөнүндө.

3. Жазык-аткаруу системасынын администрациясы бошотуу жөнүндө маалымдамада жазасын өтөп бүткөн адам кургак учук менен ооруй тургандыгы жөнүндө белги коюуга милдеттүү.

§ 5. АИВдин алдын алуу

**49-берене. АИВге, кан аркылуу берилүүчү вирустук гепатиттерге медициналык текшерүүнүн жана күбөлөндүрүүнүн түрлөрү жана аларды жүргүзүү тартиби**

1. Кыргыз Республикасында ыктыярдуу, милдеттүү медициналык текшерүү каралган, аларды жүргүзүү тартиби саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилет.

2. Ыктыярдуу медициналык текшерүү маалымдалган, аң-сезимдүү негизде текшерүүдөн өтүүчү адамдын же анын мыйзамдуу өкүлүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугу менен анонимдүү жана купуя жүргүзүлөт.

3. Милдеттүү медициналык текшерүү купуя жүргүзүлөт. Төмөнкүлөр АИВге милдеттүү түрдөгү медициналык текшерүүдөн өтүүгө тийиш:

1) кандын, биологиялык суюктуктардын, органдардын жана ткандардын донорлору;

2) кесиптик иши АИВге милдеттүү түрдөгү медициналык текшерүүдөн өтүү каралган адамдар. Милдеттүү түрдөгү медициналык текшерүүдөн өтүүгө тийиш болгон адистиктердин жана кызматтардын тизмеги Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

4. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаса, жумуш берүүчүлөр кызматкерлерден АИВге текшерүүдөн өткөндүгү жөнүндө расмий медициналык корутундуну талап кылууга укугу жок.

5. АИВге купуя медициналык текшерүүдөн өтүү фактысы жана анын жыйынтыктары ачык жарыя кылынбайт жана текшерүүдөн өткөн адамдын жазуу жүзүндөгү макулдугусуз үчүнчү тарапка берилбейт.

6. Мажбурлап медициналык текшерүүдөн тышкары, текшерүүдөн өтүп жаткан адам медициналык текшерүүнүн каалаган стадиясында андан өтүүдөн баш тартууга укуктуу.

7. 14 жашка чейинки курактагы балдарды жана мыйзамда белгиленген тартипте аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарды медициналык текшерүү андай текшерүүнү жүргүзүүгө катышкан алардын ата-энелеринин же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн жазуу жүзүндөгү өтүнүчү боюнча же жазуу жүзүндөгү макулдугу менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

8. 18 жашка чейинки курактагы балдарга психосоциалдык консультация берүү баланын макулдугу менен чакырылуучу балдар психологунун, ата-эненин же мыйзамдуу өкүлүнүн катышуусу менен жүргүзүлөт.

9. Кыргыз Республикасынын жарандарынын, чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын талаптары боюнча аларда АИВдин бар же жок экендиги жөнүндө АИВге медициналык текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча расмий медициналык корутундуларды берүү саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталуучу тартипте саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдар тарабынан жүргүзүлөт.

10. Кыргыз Республикасынын аймагында дипломатиялык кол тийбестиктен жана артыкчылыктардан пайдаланган дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн жана консулдук мекемелердин кызматкерлери алар кайрылган учурда АИВге чалдыгуусун текшерүү жүргүзүлүшү мүмкүн.

11. АИВге медициналык текшерүү саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталуучу тартипте ведомстволук баш ийүүсүнө жана менчигинин түрүнө карабастан коомдук саламаттык сактоо кызматынын уюмдарында жүргүзүлөт.

12. Оору же ВЖАны медициналык күбөлөндүрүү жыйынтыктары жөнүндө маалыматтар Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен корголуучу дарыгерлик сырды түзөт.

13. Кан аркылуу берилүүчү вирустук гепатиттерге милдеттүү түрдө медициналык текшерилүүгө төмөнкүлөр тийиш:

1) кандын, биологиялык суюктуктардын, органдардын жана ткандардын донорлору;

2) кесиптик иши кан аркылуу берилүүчү вирустук гепатиттерге милдеттүү түрдө медициналык текшерүүдөн өтүү каралган адамдар. Милдеттүү түрдөгү медициналык текшерүүдөн өтүүгө тийиш болгон адистиктердин жана кызматтардын тизмеги Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

**50-берене. АИВди мажбурлап текшерүү**

1. АИВди мажбурлап текшерүү сот жана укук коргоо органдарынын чечими боюнча адамдын макулдугусуз купуя жүргүзүлөт.

2. АИВди мажбурлап текшерүү саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталуучу тартипте саламаттык сактоо боюнча мамлекеттик уюмдарда жүргүзүлөт.

3. Мажбурлап текшерүүдөн өтүү фактысы жана анын жыйынтыктары мыйзамга ылайык корголуучу купуя мүнөзгө ээ.

**51-берене. Каттоо жана эсебин алуу**

1. АИВдин бардык учурлары Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу тартипте санарип технологияларынын негизинде милдеттүү түрдө мамлекеттик катталууга жана эсепке алынууга жатат.

2. Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын жана жазык-аткаруу системасынын медициналык кызматтарынын кызматкерлери тергөө изоляторлорунда

кармалган же эркиндигинен ажыратуу жерлеринде жүргөн адамдардын иш жүзүндө жашаган жери боюнча саламаттык сактоонун мамлекеттик уюмдарына жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө органдарына төмөнкүлөр тууралуу маалымдоого милдеттүү:

1) АИВдин ар бир аныкталган учуру жөнүндө;

2) жазык-түзөтүү системасынан бошотулуучу ВЖА жөнүндө;

3) ВЖАнын каза болгон учурлары жөнүндө.

§ 6. Ветеринардык-санитардык жана эпизоотияга каршы иш-чараларды өткөрүү

**52-берене. Мал чарбачылыгында ветеринардык-санитардык жана эпизоотияга каршы иш-чаралар**

1. Айыл чарба жаныбарларынын бардык түрлөрүнө кургак учук, бруцеллез, эхинококкоз, күйдүргү жана кутурма жуккан-жукпаганын туруктуу контролдоо Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте ишке ашырылат.

2. Менчиктин бардык түрлөрүндөгү жана ведомстволук баш ийүүдөгү уюмдардын мал чарбалык фермалары ветеринария чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарына жооп берген абалда кармалууга тийиш.

3. Айыл чарба жаныбарларын клиникалык текшерүү жана кургак учукту, бруцеллезду, эхинококкозду, күйдүргүнү жана кутурманы диагностикалоо ветеринария чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык ишке ашырылат.

4. Кургак учук чыгып катталган чарбалардан сүт иштетүүчү уюмдарга сүт жеткирүү, аны милдеттүү түрдө пастерлештирүүдөн же кайнатуудан кийин гана жүргүзүлөт. Чарбаларга кайтарылып берилүүчү тартылган сүт да пастерлештирилүүгө же кайнатылууга тийиш.

5. Кургак учук чыгып катталган чарбалардын мал чарбалык продукцияларын эркин сатып-өткөрүүгө тыюу салынат.

6. Кургак учук, бруцеллез чыгып катталган чарбалардын малын союу мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдары тарабынан аныкталган мал союучу аянттарында гана жүргүзүлөт.

7. Өлгөн малды жок кылуу үчүн ар бир калктуу конушта атайын жай түзүлөт.

8. Мал чарбаларынын жетекчилери жана мал ээлери азык багытындагы малды кармоонун ветеринардык-санитардык эрежелерин бузганы үчүн административдик мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартышат.

9. Адамдарга кургак учуктун, бруцеллездун, эхинококкоздун, күйдүргүнүн жана кутурманын жугушунун алдын алуу, ошондой эле адамдардын жана айыл чарба жаныбарларынын кургак учук менен ооруп калган учурлары жөнүндө маалымдоону камсыз кылуу боюнча иш-чаралар коомдук саламаттык сактоо жана ветеринария чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат.

## 6-глава. Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик көзөмөл

**53-берене. Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик көзөмөл**

Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик көзөмөл өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мыйзамдардын, санитардык-эпидемияга каршы (профилактикалык) иш-чаралардын, мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу кызмат адамдарынын жазма буйруктарынын жана токтомдорунун аткарылышын контролдоо;

2) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы аркылуу өткөрүү пункттарында санитардык-карантиндик контролдоо;

3) калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын камсыз кылуу чөйрөсүндөгү бузууларга бөгөт коюу чаралары, коомдук саламаттык сактоо

чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузуу фактылары жөнүндө жазма буйруктарды берүү жана токтом чыгаруу, ошондой эле аларды жасаган адамдарды жоопкерчиликке тартуу;

4) калктын саламаттыгынын, жашоо чөйрөсүнүн абалын, санитардык-эпидемиологиялык кырдаалды контролдоо;

5) жугуштуу оорулардын жана жапырт жугуштуу оорулардын (уулануулардын) пайда болушунун жана таралышынын себептерин айкындоого жана шарттарын табууга багытталган санитардык-эпидемиологиялык териштирүүлөрдү жүргүзүү;

6) санитардык-эпидемияга каршы (профилактикалык) иш-чараларды өткөрүү жөнүндө сунуштарды иштеп чыгуу;

7) мамлекеттик деңгээлде калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын камсыз кылуу чөйрөсүндөгү статистикалык байкоо жүргүзүү, мамлекеттик маалыматтык ресурстарды түзүү максатында жашоо чөйрөсүнүн зыяндуу таасирине байланышкан жугуштуу оорулардын, кесиптик оорулардын, жугуштуу эмес оорулардын, жапыр уулануулардын мамлекеттик эсебин жүргүзүү.

**54-берене. Өнөр жай жана турмуш-тиричилик багытындагы продукциянын жана аны жасоо технологиясынын коопсуздугу**

Өнөр жайлык жана тиричилик багытындагы продукциялар аларды жасап чыгарууда, ташууда, сактоодо, колдонууда жана утилдештирүүдө адамга жана анын жашоо чөйрөсүнө терс таасир көрсөтпөөгө тийиш. Колдонуудагы техникалык регламенттерге, Кыргыз Республикасынын жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык адамдын ден соолугуна коопсуз экендигин тастыктаган документтер болгондо гана өнөр жайлык жана тиричилик багытындагы продукцияны калкка сатууга жол берилет.

**55-берене. Тамак-аш азыктарынын жана калктын тамактануусунун коопсуздугу**

1. Кыргыз Республикасынын аймагында тамак-аш азыктарын, тамак-аш кошумчаларын, азык-түлүк чийки заттарын жана алар менен байланыштагы материалдарды жана буюмдарды жасоо, сактоо, ташуу, сатуу жана алып келүү адамдын ден соолугуна терс таасир көрсөтпөөгө тийиш жана Кыргыз Республикасынын техникалык регламенттерине жана мыйзамдарына шайкеш келиши керек.

2. Менчигинин түрүнө карабастан жеке жана юридикалык жактардын коомдук тамактануу уюмдары адамдардын ден соолугуна коопсуз болууга тийиш жана Кыргыз Республикасынын техникалык регламенттерине жана мыйзамдарына шайкеш келиши керек.

3. Мектепке чейинки жана башка билим берүүчү мекемелерде, дарылоо профилактикалык уюмдарда, ден соолукту чыңдоочу мекемелерде жана социалдык коргоо уюмдарында, аскер кызматчылары үчүн тамак-аштын ченемдерин белгилөөдө, ошондой эле тергөө изоляторлорунда турган же түзөтүү мекемелеринде жазасын өтөп жаткан адамдар үчүн тамак-аштын ченемин белгилөөдө ошол контингент үчүн иштелип чыккан жана бекитилген адамдын тамактануусунун илимий негизделген физиологиялык ченемдерин сактоо милдеттүү.

**56-берене. Ичүүчү суунун жана суу объекттеринин коопсуздугу**

1. Ичүүчү суу коопсуз болушу жана Кыргыз Республикасынын техникалык регламенттерине жана мыйзамдарына шайкеш келиши керек.

2. Суу объекттери эпидемиологиялык, радиациялык жана физикалык-химиялык жактан коопсуз болушу жана Кыргыз Республикасынын техникалык регламенттерине жана мыйзамдарына шайкеш келиши керек.

**57-берене. Адамдын ден соолугуна коркунуч келтире турган заттарга жана факторлорго карата талаптар**

1. Адамдын ден соолугуна потенциалдуу коркунуч келтире турган физикалык, химиялык, биологиялык заттарды, радиоактивдүү заттарды камтыган чийки заттарды жана материалдарды, ошондой эле иондоштуруучу нурландыруунун булактарын өндүрүүгө, ташууга, сатып алууга, сактоого, сатууга жана колдонууга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жол берилет.

2. Сымап камтылган медициналык буюмдар менен иштөө жана колдонуу тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

**58-берене. Аба чөйрөсүнүн коопсуздугу**

1. Өндүрүштүк жайларда жана өнөр жай аянттарында, турак жайлык жана коомдук имараттарда, адам туруктуу же убактылуу болуучу жерлерде жумушчу зонасынын аба чөйрөсү адамга зыяндуу таасир көрсөтпөөгө жана Кыргыз Республикасынын техникалык регламенттерине жана мыйзамдарына шайкеш келиши керек.

2. Калк жайгашкан жерлердеги атмосфералык абанын, адам туруктуу же убактылуу болуучу жерлердеги абанын булганышын болтурбоо жана азайтуу боюнча чараларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жеке жана юридикалык жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык берилген ыйгарым укуктарга ылайык ишке ашырат.

**59-берене. Жер кыртышынын коопсуздугу, калдыктарды чогултуу жана утилдештирүү**

1. Калктуу конуштардагы жер кыртышы, өнөр жай аянттары жана айыл чарба жерлери адамдын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө жагымсыз таасир тийгизбөөгө тийиш жана Кыргыз Республикасынын техникалык регламенттерине жана мыйзамдарына шайкеш келиши керек.

2. Калктуу конуштардын аймактарын, курортторду жана рекреациялык зоналарды карап-күтүү, өндүрүш калдыктарын чогултуу, ташуу, утилдештирүү жана керектөө Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдары менен жөнгө салынат.

3. Медициналык калдыктарды колдонуу тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

**60-берене. Өндүрүштүк, коомдук, турак жайлык орун-жайларды, имараттарды, курулмаларды, жабдууларды жана транспортту пайдалануунун коопсуздугу**

Өндүрүштүк, коомдук, турак жайлык орун-жайларды, имараттарды, курулмаларды, жабдууларды жана транспортту пайдаланууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык адам үчүн коопсуз эмгек, турмуш-тиричиликтик жана эс алуу шарттары камсыз кылынышы керек.

**61-берене. Эмгек шарттарынын коопсуздугу**

1. Өндүрүштүк жайлардын санитардык-техникалык жана гигиеналык абалы, жумуш орундарын жабдуу, эмгек процессин уюштуруу адамдын ден соолугуна зыяндуу таасир көрсөтпөөгө тийиш жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келиши керек.

2. Иондоштуруучу нурландыруунун, физикалык, химиялык жана биологиялык факторлордун булактары менен иштөөдө эмгектин коопсуз шарттарын камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан уюмдардагы жумуш берүүчүгө жүктөлөт.

**62-берене. Билим берүү уюмдарындагы шарттардын коопсуздугу**

1. Уюмдашуу-укуктук формаларына карабастан мектепке чейинки жана башка билим берүүчү уюмдар балдардын болуусунун, аларды окутуунун коопсуз шарттарын, ошондой эле алардын тамактануусун уюштурууну Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык камсыз кылууга тийиш.

2. Балдардын болуусунун, аларды окутуунун коопсуз шарттарын жана алардын тамактануусун уюштурууну камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жүктөлөт.

**63-берене. Милдеттүү профилактикалык медициналык кароолор**

1. Жугуштуу жана кесиптик оорулардын келип чыгышынын жана жайылышынын алдын алуу максатында иши тамак-аш азыктарын жана ичүүчү сууну жасоо, сактоо, ташуу жана сатуу, балдарды тарбиялоо жана окутуу, калкты коммуналдык жана турмуш-тиричилик жактан тейлөө менен байланышкан, эмгек шарттары ден соолукка зыяндуу иштерде иштеген кызматкерлер жумушка орношоордо алдын ала жана андан кийин мезгил-мезгили менен Министрлер Кабинети бекиткен тартипке ылайык милдеттүү профилактикалык медициналык кароодон өтүүгө милдеттүү.

2. Милдеттүү профилактикалык медициналык кароодон өтүүгө жаткан кесиптердин тизмеги, текшерүүнүн көлөмү жана милдеттүү медициналык кароодон өткөрүүнүн, эсепке алуунун, отчеттуулукту жүргүзүүнүн тартиби Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

3. Кызматкерлерди өз убагында медициналык кароодон өткөрүү жана алардын иштөөсүнө уруксат берүү үчүн жоопкерчилик жумуш берүүчүлөргө жүктөлөт. Милдеттүү медициналык кароолор тараптардын макулдашуусу боюнча жумуш берүүчүнүн каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт. Жумуш берүүчүлөр кызматкерлер медициналык кароолордон өтүшү үчүн шарттарды түзүп беришет, ошондой эле жумуш ордун (кызмат ордун), эмгек акысын сактоо менен жумуш мезгилинде алардан өтүүсү үчүн кызматкерлерди иштен тоскоолдуксуз коё беришет.

4. Балдарды жана чоң курактагы максаттуу топторду үзгүлтүксүз милдеттүү профилактикалык медициналык кароолор андан ары динамикалык байкоо жүргүзүү жана ден соолукту чыңдоо менен оорулардын келип чыгуусунун алдын алууга жана аларды эрте диагностикалоого багытталган медициналык жана башка иш-чаралардын комплексин өзүнө камтыйт. Балдарды жана чоң курактагы эң негизги, максаттуу топторду үзгүлтүксүз милдеттүү профилактикалык медициналык кароолор Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген тартипте жүргүзүлөт. Милдеттүү профилактикалык медициналык кароодон өтүүгө тийиш чоң курактагы максаттуу жана эң негизги топтор, ошондой эле аларды өткөрүү тартиби жана мезгилдүүлүгү, лабораториялык жана функционалдык изилдөөлөрдүн көлөмү, медициналык карама-каршылыктар Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

5. Милдеттүү профилактикалык медициналык кароолордун өз учурунда болушу, өткөрүү жана өтүү сапаты Кыргыз Республикасынын башкы мамлекеттик санитардык врачы тарабынан контролдонот.

**64-берене. Эл аралык медициналык-санитардык эрежелерди эске алуу менен калктын ден соолугунун коопсуздугун камсыз кылуу**

1. ЭМСЭни колдонуу тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

2. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ЭМСЭни колдонуу маселелери боюнча ишин координациялоо Министрлер Кабинети аныктаган тартипте Улуттук координатор тарабынан ишке ашырылат.

**65-берене. Эпидемияга каршы иш-чараларды уюштуруу**

Жугуштуу оорулардын келип чыгуусунун алдын алуу жана анын жайылышына жол бербөө төмөнкү каражаттар аркылуу камсыз кылынат:

1) Кыргыз Республикасынын аймагын жугуштуу оорулардын киришинен жана жайылышынан санитардык коргоо боюнча иш-чаралар;

2) Кыргыз Республикасынын аймагында жугуштуу оорулардын таралышына эпидемиологиялык көзөмөлдү жана эпидемиологиялык жагдайдын татаалданышына таасир кылуу системасынын ишин Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүзөгө ашыруу;

3) жугуштуу оору менен ооругандарга карата көрүлүүчү чаралар;

4) Алдын ала эмдөөлөрдүн календары боюнча милдеттүү алдын ала эмдөөлөрдү жана эпидемиологиялык кырдаалдын божомолдонгон начарлашындагы эпидемиологиялык көрсөткүчтөр боюнча эмдөөлөрдү жүргүзүү;

5) Кыргыз Республикасынын менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарында инфекциялык контролдоо чараларын уюштуруу жана өткөрүү;

6) жугуштуу оорулардын алдын алуу боюнча мамлекеттик же региондук максаттуу программаларды жана илимий, илимий-техникалык программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

7) малдан жугуучу ооруларга каршы күрөшүүнүн профилактикалык чараларын жана бирдиктүү көзөмөлдү жүргүзүүдө саламаттык сактоо жана ветеринардык кызматтардын өз ара аракеттенүүсү;

8) табигый-өзөктүү жана өзгөчө кооптуу оорулардын жайылышына жол бербөөгө багытталган иш-чаралар: туруктуу зоологиялык-эпидемиологиялык мейкиндиктик мониторинг жүргүзүү; инфекцияны табигый өзөктүү жерлерден тышкары чыгаруунун алдын алуу; өзгөчө кырдаалдарды жаратууга жөндөмдүү өзгөчө кооптуу инфекциялардын очогун чектөө жана жоюу боюнча чараларды көрүү;

9) инфекциялардын таралышын токтотууну, өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин чектөөнү жана жоюуну камсыз кылуучу зарыл чектөө-карантиндик чараларды көрүү;

10) жугуштуу оорулардын алдын алууга жарандарды социалдык мобилизациялоо.

**66-берене. Жугуштуу оорулардын киришинен жана жайылышынан аймактарды санитардык коргоо**

1. Аймакты санитардык коргоо калктын ден соолугу үчүн коркуноч келтирүүчү жугуштуу оорулардын киришинин жана жайылышынын алдын алууга багытталган жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана ЭМСЭге ылайык ишке ашырылат.

2. Кыргыз Республикасынын аймагын санитардык коргоо боюнча иш-чараларды жүргүзүүнү талап кылуучу жугуштуу (өзгөчө коркунучтуу) оорулардын тизмеги Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

3. Кыргыз Республикасынын аймагын санитардык коргоо үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы аркылуу өткөрмө пункттарда санитардык-карантиндик контролдоону киргизилет.

4. Кыргыз Республикасынын аймагына коркунучтуу жүктөрдү жана товарларды алып келүү атайын жабдылган жана бул максаттар үчүн арналган өткөрмө пункттарда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы аркылуу жүзөгө ашырылат. Мындай өткөрмө пункттардын тизмеги Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

5. Кыргыз Республикасынын аймагын санитардык коргоону жүзөгө ашыруунун тартиби жана шарттары Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

**67-берене. Санитардык-эпидемиологиялык экспертизалар, териштирүүлөр, текшерүүлөр, изилдөөлөр, сыноолор, инфекциялык контролдоо**

1. Санитардык-эпидемиологиялык экспертизалар, териштирүүлөр, текшерүүлөр, изилдөөлөр, сыноолор мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруучу кызмат адамдары тарабынан төмөнкү максаттарда жүргүзүлөт:

1) жашоо чөйрөсүнүн факторлорунун адамга зыяндуу таасирин белгилөө жана алдын алуу;

2) жугуштуу оорулардын жана жапырт жугуштуу эмес оорулардын (уулануулардын) пайда болушунун жана жайылып кетишинин себептерин жана шарттарын белгилөө жана мындай оорулардын (уулануулардын) пайда болушунун жана жайылып кетишинин кесепеттерине баа берүү.

2. Санитардык-эпидемиологиялык экспертизаларды, териштирүүлөрдү, текшерүүлөрдү, изилдөөлөрдү, сыноолорду өткөрүүнүн тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

3. Менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарында инфекциялык контролдоо чараларын өткөрүү тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

**68-берене. Жугуштуу оорулар менен ооругандарга карата чаралар**

1. Жугуштуу оорулардын жана жапырт уулануулардын бардык учурлары Министрлер Кабинети белгилеген тартипке ылайык санарип технологиялардын негизинде алар айкындалган жер боюнча, менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдары тарабынан милдеттүү түрдө катталууга, мамлекеттик эсепке алынууга жана алар боюнча отчеттуулук жүргүзүлүүгө тийиш.

2. Эпидемиологиялык териштирүү жүргүзүлүүчү жугуштуу оорулардын тизмеги, териштирүү жүргүзүүнүн тартиби Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

3. Жугуштуу оору менен ооругандар, мындай оору менен ооруйт деп шек саналган адамдар жана алар менен байланышта болгон адамдар, ошондой эле жугуштуу ооруларды козгогучтарды алып жүрүүчү болуп эсептелген адамдар эгерде алар айлана-чөйрөдөгүлөр үчүн өзгөчө коркунуч келтирсе, калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгы чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык мажбурлап ооруканага жаткырылууга жана/же өзүнчө бөлүнүүгө жатат.

4. Кургак учуктун микобактериялары биринчи жолу табылган адамдарга карата, аларды кургак учукка каршы диспансерде каттоодон тышкары, Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жугуштуу оору менен ооругандар катары санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органдарына шашылыш кабарлама жөнөтүлөт. Санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органдарына шашылыш кабарлама, ошондой эле адам өлгөндө, сөөктү союуда өлгөн адам тирүүсүндө кургак учук менен ооругандыгы, бирок эсепке алынбагандыгы аныкталган ар бир учурда да берилет.

5. Коргоо, чек ара кызматы, улуттук коопсуздук органдарынын медициналык кызматтарынын кызматкерлери аларда кургак учук аныкталган учурда аскер кызматкеринин жашаган жери боюнча санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органдарына маалымдоого милдеттүү.

**69-берене. Чектөө иш-чаралары (карантин)**

1. Жугуштуу оорулардын пайда болуу жана жайылып кетүү коркунучу болгондо убактылуу чектөө иш-чаралары (карантин) киргизилет.

2. Чектөө иш-чараларын (карантинди) киргизүү жана ишке ашыруу тартиби Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

3. Убактылуу чектөө иш-чараларын (карантинди) киргизүү төмөнкүлөрдү карайт:

1) куралдуу кайтаруу (курчоого алуу) менен эпидемиялык очокту, калктуу конуштарды жана карантиндин бүткүл зонасын толук өзүнчө бөлүүнү;

2) карантин зонасынан калктын чыгуусун жана кирүүсүн жана мүлктүн ташылып чыгуусун катуу контролдоону;

3) ооруу жуккан очок аркылуу автомобиль транспортунун өтүүсүнө жана темир жол транспортунун транзиттик өтүүсүндө бөлүнбөгөн жерлерден тышкары токтоого тыюу салууну;

4) обсерваторлорду түзүүнү жана очокто болгон жана карантиндик зонанын чегинен сырткары чыккан адамдарды обсервациялоо боюнча иш-чараларды жүргүзүүнү;

5) жугуштуу оорулууларды эрте аныктоону, аларды өзүнчө бөлүүнү жана атайын бөлүнгөн саламаттык сактоо уюмдарына жаткырууну;

6) калктын айрым топторунун ортосундагы байланышта болууну чектөөнү жана жеке коргонуу каражаттарын пайдалануу тартибин;

7) чектөө иш-чараларынын (карантиндин) мезгилинде калк, шаардык транспорттун, соода түйүндөрүнүн жана коомдук тамактануу ишканаларынын, экономикалык жана өндүрүштүк иш объекттеринин иштеши үчүн түзүлгөн эпидемиологиялык жагдайга жараша алардын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылуучу иш-аракеттердин режимин белгилөөнү;

8) эпидемиялык очокто жайгашкан саламаттык сактоо уюмдарынын, айыл чарба объекттеринин эпидемияга каршы жана эпизоотияга каршы иштөө режимдерин белгилөөнү;

9) тышкы чөйрө объекттерин, чыгарылган өнөр жай продукциясын зыянсыздандыруу жана калкты санитардык тазалоо боюнча иш-чараларды жүргүзүүнү;

10) тамак-аш өнөр жайынын бардык объекттерин чыгарылган продукциянын зыянсыздыгына кепилдик берүүчү иштин атайын технологиялык режимине өткөрүүнү;

11) шашылыш жана өзгөчө профилактика жүргүзүүнү;

12) калк, ишканалар, министрликтер жана ведомстволор тарабынан карантиндин белгиленген эрежелеринин аткарылышын катуу контролдоону;

13) калк арасында санитардык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү;

14) адамдардын жана транспорттун жүргөн негизги жолдорунда ооруу жуккан очоктун периметри боюнча күзөт постторун коюу, күзөт постторунун ортосунда күнү-түнү кайгуулга чыгуу, карантин киргизилген айрым калктуу конуштардын ортосунда калктын кыймылын катуу контролдоону жүзөгө ашыруу, чектөөчү белгилерди, көрсөткүчтөрдү орнотуу жана айыл ичиндеги жолдорго, чыйыр жолдорго жана д.у.с. постторду коюу жолу менен карантиндик аймакты күнү-түнү куралдуу кайтарууну (курчоого алууну);

15) тамак-аш өнөр жайын, саламаттык сактоо системасын ж.б. иштешин камсыз кылуучу адамдарды жана транспорт каражаттарын кошпогондо, карантиндик зонадагы карантин киргизилген калктуу конуштардын ортосунда жана ичинде калктын жана транспорттун кыймылына тыюу салууну;

16) эл көп чогулган иш-чараларды (митингдерди, чогулуштарды ж.б.) өткөрүүгө тыюу салууну, базарларды жабууну;

17) чарбалык жана башка иштин өзгөчө режимин жана калктын, транспорт каражаттарынын, жүктөрдүн, товарлардын жана жаныбарлардын кыймылын чектөөнү караган башка чектөө иш-чараларын.

**70-берене. Йод жетишсиздик ооруларынын алдын алууну мамлекеттик контролдоо**

1. Калктын йоддун жетишсиздигинен болуучу оорулар менен ооругандыгынын абалын мамлекеттик контролдоо, ошондой эле йоддолгон тузду колдонууда калктын ооруп калуу тобокелинин деңгээлине баа берүү саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан ишке ашырылат.

2. Тамак-аш тузун Кыргыз Республикасынын аймагына ташып келүүнү мамлекеттик контролдоону ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жүзөгө ашырат.

3. Мамлекеттик аткаруу бийлигинин органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүргүзүлүүчү йод жетишсиздик ооруларынын алдын алуу боюнча иш-чаралар төмөнкү принциптерде ишке ашырылат:

1) Кыргыз Республикасынын аймагында йоддолгон тузду өндүрүүгө, ташып келүүгө, сатууга жана колдонууга талаптарды сактоо, камсыз кылуу үчүн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жеке жактардын, менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан юридикалык жактардын жоопкерчилиги;

2) йод жетишсиздик оорулары менен ооруган адамдардын менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарында квалификациялык медициналык жардам алууга жалпы жеткиликтүүлүк;

3) республиканын бүтүндөй аймагында йод жетишсиздик ооруларынын оордугуна баа берүүгө үзгүлтүксүз биологиялык мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылуу;

4) туздун зыяндуу таасиринен улам ден соолугун жоготкон учурда жарандардын укуктарын коргоо жана тузду өндүрүүчүлөр жана таратуучулар тарабынан ден соолукка келтирилген зыяндын ордун толтуруу;

5) бакубатсыз региондор үчүн йод жетишсиздик ооруларынын келип чыгуусунун чоң тобокелдиги бар адамдарды топтук профилактикалоо үчүн органикалык эмес йодду камтыган препараттарды республикалык бюджеттин каражаттарынан сатып алууну максаттуу каржылоону жана тузда йоддун болушун аныктоо үчүн экспресс-тесттерди камсыз кылуу.

4. Тамак-аш жана тоют керектөөлөрү үчүн арналган туз йоддолууга тийиш. Тамак-аш жана тоют тузунда эркин йоддун сапаты, коопсуздугу, анын болушу, йоддоо жана эркин йоддун болушун болушун контролдоо белгиленген санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана нормативдерге шайкеш келиши керек.

5. Өндүрүү, тузду йод менен байытуу, кайра йоддоо, йоддолгон тузду сатуу белгиленген санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана нормативдерге шайкеш келүүгө тийиш.

6. Кыргыз Республикасынын аймагында туздун коопсуздугун жана йоддолушун ырастабастан аны өндүрүүгө, ташып келүүгө жана жүгүртүүгө жол берилбейт.

7. Йоддолгон тузду жарнамалоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

8. Кыргыз Республикасынын жарандары жана коомдук бирикмелер йоддолгон туздун сапатын жана коопсуздугун коомдук контролдоону ишке ашырууга укуктуу.

**71-берене. Өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал шарттарында коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө чаралар**

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзгөчө кырдаал, өзгөчө абал киргизилген учурда Кыргыз Республикасынын башкы мамлекеттик санитардык врачы өзүнүн компетенциясынын чегинде Кыргыз Республикасынын аймагында бардык жеке жана юридикалык жактар сакташы жана аткарышы үчүн милдеттүү болгон актыларды чыгарууга, мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө жана контролдоо чараларын көрүүгө укуктуу.

2. Оорулардын эл аралык жайылышына жол бербөө жана каршы туруу, коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө ыкчам чараларды көрүү максатында Министрлер Кабинети тарабынан жөнгө салынган тартипте жана шарттарда ЭМСЭ колдонулат.

**72-берене. Калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгы**

Калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгы төмөнкүлөр аркылуу камсыз кылынат:

1) санитардык-эпидемиологиялык кырдаалга жана анын өзгөрүү болжолуна ылайык оорулардын алдын алуу;

2) санитардык-эпидемияларга каршы (алдын алуу) иш-чараларды аткаруу;

3) жеке, юридикалык жактардын жана кызмат адамдарынын белгиленген тартипте кабыл алынган техникалык регламенттерди, санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди жана гигиеналык нормативдерди сактоосун контролдоо;

4) калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын камсыз кылууну мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө;

5) документтердин, имараттардын, курулмалардын, жайлардын, жабдуулардын, транспорт каражаттарынын, айлана жана өндүрүштүк чөйрө объекттеринин белгиленген тартипте кабыл алынган техникалык регламенттерге, санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлгө (контролго) жаткан товарларга карата санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык талаптарга шайкештиги же шайкеш эместиги боюнча санитардык-эпидемиологиялык экспертизалар;

6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык адам үчүн коркунуч келтире турган химиялык жана биологиялык заттарды, продукциялардын айрым түрлөрүн, радиоактивдүү заттарды, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагына биринчи ирет алып келинүүчү продукциялардын айрым түрлөрүнүн мамлекеттик каттоо;

7) социалдык-гигиеналык мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылуу;

8) калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын камсыз кылуу чөйрөсүндө илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;

9) жугуштуу оорулардын, жапырт ууланууларддын жана жугуштуу эмес оорулардын пайда болуусу, жашоо чөйрөсүнүн абалы жана алдын ала жүргүзүлүүчү санитардык-эпидемияга каршы иш-чаралар жөнүндө калкка өз убагында маалымдоо;

10) жугуштуу оорулардын, эпидемиялардын тез башталып кетишин, адамдын өмүрү жана ден соолугу үчүн коркунучтуу авариялардын, табигый кырсыктардын, өзгөчө кырдаалдардын, кыйроолордун кесепеттерин жоюу үчүн эпидфонд резервдерин түзүү;

11) калкты гигиеналык окутуу жана тарбиялоо жана сергек жашоо мүнөзүн пропагандалоо боюнча иштерди жүргүзүү;

12) калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгы чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын талаптарын бузуу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартуу.

## 7-глава. Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө каржылоо

### 73-берене. Коомдук саламаттык сактоо уюмдарын каржылоо булактары

1. Коомдук саламаттык сактоонун мамлекеттик уюмдарын каржылоо булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) мамлекеттик бюджеттин каражаттары;

2) базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары катары берилүүчү республикалык бюджеттен ассигнованиелер;

3) милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары;

4) жергиликтүү бюджеттин каражаттары

5) ыктыярдуу взностор - юридикалык жана жеке жактардын, анын ичинде чет өлкөлүктөрдүн өз алдынча чегерүүлөрү;

6) эл аралык уюмдардан, донор-өлкөлөрдөн алынган гранттар, кредиттер;

7) акы төлөнүүчү мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн каражаттар;

8) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каражаттар.

2. Бирдиктүү төлөөчүнүн системасында иштеген, коомдук саламаттык сактоо боюнча кызмат көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарынын эсебиндеги пайдаланылбаган каражаттардын калдыктары кезектеги бюджеттик жылга кезектеги бюджеттик жылдын башталышына калдык катары которулат.

3. Коомдук саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарынын бюджетин түзүү мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан, атайын каражаттардан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан каржылоонун болжолдонгон көлөмдөрүн эске алуу менен жүзөгө ашырылат.

4. Бирдиктүү төлөөчүнүн системасында иштөөчү саламаттык сактоо уюмдарынын бюджетин түзүү каржылоо боюнча болжолдуу көрсөткүчтөрдү жана медициналык-санитардык жардамдардын көлөмдөрүн эске алуу менен медициналык-санитардык жардамдын түрлөрү боюнча каржылоо нормативдеринин негизинде базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу программаларын каржылоону ишке ашырууга ыйгарым укуктуу болгон Кыргыз Республикасында жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү саясатты ишке ашыруу боюнча аткаруучу органдын бюджетинин каражаттарынан жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

5. Мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдарынын ишинен алынган каражаттар коомдук саламаттык сактоо боюнча кызматтарды көрсөтүүгө, аталган уюмдарды күтүүгө жана өнүктүрүүгө жумшалат.

6. Бирдиктүү төлөөчүнүн системасында иштеп жаткан, коомдук саламаттык сактоо боюнча кызматтарды көрсөтүүчү мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдары сарптоолордун түзүмүн жана чыгымдар сметасын өз алдынча пландаштырат жана бекитет, чыгымдардын бекитилген сметасына, штаттын түзүмүнө жана санына утурумку өзгөртүүлөрдү медициналык-санитардык жардамды көрсөтүүдөн түшө турган болжолдонгон каражаттарга жараша киргизет.

7. Кургак учуктун алдын алуу, диагностикалоо, дарылоо жана реабилитациялоо боюнча илимий изилдөөлөрдү каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынан жүргүзүлөт жана калкты кургак учуктан коргоого багытталган каражаттардын көлөмүнүн 1 пайызынан кем эмес өлчөмүндө белгиленет. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кургак учуктун алдын алуу, диагностикалоо, дарылоо жана реабилитациялоо боюнча илимий изилдөөлөрдү келишим шарттарында каржылай алышат.

8. Кургак учукка каршы жардамды кошумча каржылоо төмөнкүлөрдүн эсебинен жүргүзүлөт:

1) менчиктин жана баш ийүүнүн бардык түрлөрүндөгү уюмдар менен биргелешип кургак учукка каршы жардам көрсөтүү боюнча келишимдердин натыйжасында алынган каражаттардын;

2) кургак учук боюнча эпидемияга каршы тартипти бузууга күнөөлүү болгон ишканалардан жана жарандардан доо талаптарды канааттандыруунун натыйжасында кургак учукка каршы жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюму тарабынан өндүрүлгөн материалдык компенсациянын.

9. Кургак учукка каршы жардамды каржылоого багытталган каражаттар биринчи кезекте өзгөчөлүктүү диагностикалык иш-чараларды жүргүзүү, кургак учукка каршы препараттарды толук көлөмдө сатып алуу, биоматериалдарды ташуу системасы жана оорулууларды тамак-аш менен камсыз кылуу үчүн пайдаланылат. Кургак учукка каршы жардамды каржылоого багытталган каражаттар кургак учук менен ооругандарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик социалдык заказ аркылуу коштоо үчүн да колдонулат.

10. Пландуу алдын ала эмдөөлөрдү жүргүзүү үчүн медициналык иммунобиологиялык препараттарды жеткирүү республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен ишке ашырылат. Эпидемиялык көрсөткүчтөр боюнча алдын ала эмдөө үчүн медициналык иммунобиологиялык препараттарды жеткирүү республикалык, жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын жана бюджеттик эмес каржылоо булактарынын эсебинен жүргүзүлөт.

11. Иммунобиологиялык дары препараттарына, жугуштуу оорулардын жана өзгөчө кырдаалдардын кесепеттеринин алдын алууга жана жоюуга багытталган каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген булактардан ишке ашырылышы мүмкүн.

12. Сергек жашоо мүнөзүн ишке киргизүү жана ден соолукту чыңдоо боюнча иш-чараларды ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик социалдык заказ колдонулушу мүмкүн.

**74-берене. Коомдук саламаттык сактоону каржылоонун негизги принциптери**

Коомдук саламаттык сактоону каржылоонун негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) мамлекеттик бюджеттен, ошондой эле Бирдиктүү төлөөчүнүн системасынын бюджетинен коомдук саламаттык сактоону каржылоо жана кызматтарды көрсөтүү;

2) мамлекеттик, максаттуу жана региондук (вертикалдык жана горизонталдык интеграцияланган) программалардын негизинде бюджетти түзүү;

3) саламаттык сактоо каражаттарын адилеттүү бөлүштүрүүнү камсыз кылуу үчүн региондорду каржылоону теңдөө;

4) Бирдиктүү төлөөчүнүн системасында саламаттык сактоо каражаттарын топтоо.

**75-берене. Саламаттык сактоо системасынын каражаттарын колдонуу**

Саламаттык сактоо системасынын каражаттары төмөнкүлөргө колдонулат:

1) калкка коомдук саламаттык сактоо боюнча кызматтарды көрсөтүүгө;

2) бирдиктүү ден соолук принцибинин негизинде коомдук саламаттык сактоону өнүктүрүү, ден соолукту чыңдоо, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын таралышын башкаруу жана алардын кесепеттерин азайтуу боюнча мамлекеттик, максаттуу жана региондук программаларга;

3) коомдук саламаттык сактоонун мамлекеттик уюмдарынын материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө жана күтүүгө;

4) коомдук саламаттык сактоонун мамлекеттик уюмдарынын, анын ичинде чет өлкөлөрдөгү, кадрларды даярдоого, кайра даярдоого жана квалификациясын жогорулатууга;

5) коомдук саламаттык сактоону өнүктүрүү, калктын ден соолугун чыңдоо, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын таралышын жана алардын кесепеттерин азайтууну башкаруу максатында медициналык жана фармацевтикалык илимди өнүктүрүүгө жана алардын жетишкендиктерин ишке киргизүүгө;

6) жугуштуу оорулардын эпидемиясынын жана өзгөчө кырдаалдардын кесепеттеринин алдын алууга жана жоюуга;

7) профилактикалык жана диагностикалык иш-чараларды өткөрүүгө;

8) коомдук саламаттык сактоонун артыкчылыктуу чөйрөлөрүндө илимий изилдөөлөрдү өткөрүүгө;

9) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка чыгымдарга.

**76-берене. Атайын казыналык эсептердин каражаттарын түзүү**

1. Коомдук саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарынын атайын казыналык эсептери мамлекеттик жана муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн эсебинен түзүлөт.

2. Акы төлөнүүчү кызматтардын түрлөрү республиканын саламаттыкты сактоо системасын каржылоонун көлөмүнө жараша Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

3. Акы төлөнүүчү кызматтардын бааларынын прейскуранттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте монополияга каршы саясат

боюнча мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органы тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

**77-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлүүчү коомдук саламаттык сактоо кызматтарын каржылоо**

Бирдиктүү төлөөчүнүн системасында иштебеген мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдары көрсөтүүчү коомдук саламаттык сактоо кызматтарын каржылоо мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттин, жеке булактардын, эл аралык уюмдардан, донор-өлкөлөрдөн алынган гранттардын же мыйзамда тыюу салынбаган башка булактардын каражаттарынын эсебинен уюштуруучу (менчик ээси) тарабынан жүзөгө ашырылат.

**78-берене. Бирдиктүү төлөөчүнүн системасында мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлүүчү коомдук саламаттык сактоо кызматтарын каржылоо**

Мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдары көрсөтүүчү коомдук саламаттык сактоо кызматтарын каржылоо Бирдиктүү төлөөчүнүн бюджетинин каражаттарынын эсебинен медициналык жана башка кызматтарды көрсөтүүгө түзүлгөн келишимдердин негизинде Бирдиктүү төлөөчү тарабынан жүзөгө ашырылат.

**79-берене. Мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдарында баа түзүү**

Мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдарында баа түзүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте монополияга каршы саясат боюнча ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган менен макулдаштыкта бирдиктүү методика боюнча Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

## 8-глава. Эл аралык медициналык-санитардык эрежелерди кошо алганда, коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү эл аралык кызматташтык

**80-берене. Кыргыз Республикасынын эл аралык кызматташтыгы**

1. Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдар жана чет мамлекеттер менен кызматташтыгы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдердин, ошондой эле эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринин жана ченемдеринин негизинде ишке ашырылат.

2. Эл аралык кызматташтыктын алкагында Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы түзгөн макулдашуулар жалпыга таанылган принциптерге, эл аралык укуктун ченемдерине, ушул Мыйзамдын жоболоруна жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жарандардын ден соолугун сактоого жана чыңдоого, коопсуз айлана-чөйрөгө болгон укуктарын чектөөгө тийиш эмес.

3. Оорулардын эл аралык таралышына жол бербөө, алардан коргонуу, аларга каршы туруу жана коомдук саламаттык сактоо деңгээлинде жооптуу чараларды көрүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдар жана чет мамлекеттер менен кызматташтыгы Улуттук координатор аркылуу ЭМСЭге ылайык ишке ашырылат.

## 9-глава. Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузуу үчүн жоопкерчилик

**81-берене. Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузуу үчүн жоопкерчилик**

Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузган адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

Менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдарында инфекциялык контролдоо чараларын уюштуруу жана өткөрүү үчүн жоопкерчиликти уюмдун жетекчиси жана түзүүчүсү (менчик ээси) тартат.

**82-берене. Иммунопрофилактика чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузуу үчүн жоопкерчилик**

1. Алдын ала эмдөөлөрдүн болбошу төмөнкүлөргө алып келет:

1) ЭМСЭге же болбосо мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерге ылайык өлкөдө болуу конкреттүү алдын ала эмдөөлөрдү талап кылган ошол өлкөлөргө чыгууга жарандарга тыюу салууга;

2) жапырт жугуштуу оорулар келип чыкканда же эпидемиялардын пайда болуу коркунучу болгондо билим берүү мекемелерине жана ден соолукту чыңдоо мекемелерине жарандарды кабыл алуудан убактылуу баш тартуу;

3) жумушту аткаруу Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген жугуштуу оорулар менен ооруп калуунун жогорку деңгээлдеги тобокелдиги менен байланышкан ошол жумуштарга жарандарды кабыл алуудан баш тартуу же жарандарды жумуштан четтетүү;

4) кызмат көрсөтүүлөр жана калк менен иштөө чөйрөсүн кошо алганда, жумушту аткаруу жугуштуу оорулар менен ооруп калуунун жогорку деңгээлдеги тобокелдиги менен байланышкан ошол жумуштарга жарандарды кабыл алуудан баш тартуу же жарандарды жумуштан четтетүү;

2. Алдын ала эмдөөдөн баш тартып, ал жашы жете электин ооруп калышын өрчүтүүгө алып келгендиги үчүн ата-энеси же анын мыйзамдуу өкүлдөрү жоопкерчилик тартышат.

**83-берене. АИВ чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузуу үчүн жоопкерчилик**

1. Өзүндө АИВ-инфекциясы бар экенин билген адам башка адамды (же бир нече адамды) алдын ала билип туруп АИВдин жугуу коркунучунда калтырса, же болбосо жуктурса Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылат.

2. Бул ишке күнөөлүү болгон адам инфекция жуккан адамга медициналык жана социалдык жактан жардам көрсөтүүгө байланышкан зыяндардын ордун да толтуруп берет.

3. Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган же жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

## 10-глава. Корутунду жоболор

**84-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

1. Бул Мыйзам расмий жарыялanууга тийиш жана төмөнкү ченемдерди кошпогондо, 2022-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет:

1) ушул Мыйзамдын 23-беренесинин 1-бөлүгүнүн 11-пункту 2022-жылдын 1-мартынан тартып күчүнө кирет;

2) ушул Мыйзамдын 25-беренесинин 1-бөлүгү 2022-жылдын 1-мартынан тартып күчүнө кирет, мында ушул бөлүктүн жоболору 2005-жылдын 23-августунан баштап

АИВди жуктуруп алуусу аныкталган күнгө жашы жете элек балдарга карата жайылтылат.

2. Ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) 1998-жылдын 18-майындагы № 65 «Калкты кургак учуктан сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосттору, 1998-ж., № 9, 315-б.);

2) 2000-жылдын 18-февралындагы № 40 «Йод жетишсиздик ооруларынын алдын алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосттору, 2000-ж., 265-б.);

3) 2000-жылдын 18-февралындагы № 40 «Йод жетишсиздик ооруларынын алдын алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, 2005-жылдын 29-июлу, № 61);

4) 2001-жылдын 26-июнундагы № 56 «Жугуштуу ооруларды иммунопрофилактикалоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосттору, 2001-ж., № 6, 191-б.);

5) 2005-жылдын 14-мартындагы № 51 «Калкты кургак учуктан сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, 2005-жылдын 5-апрели, № 29);

6) 2005-жылдын 18-июнундагы № 77 «Жугуштуу ооруларды иммунопрофилактикалоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, 2005-жылдын 24-июну, № 51);

7) 2005-жылдын 30-июлундагы № 118 «Жугуштуу ооруларды иммунопрофилактикалоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, 2005-жылдын 5-августу, № 63);

8) 2005-жылдын 13-августундагы № 149 «Кыргыз Республикасындагы ВИЧ/СПИД жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосттору, 2005-ж., № 11, 900-б.);

9) 2006-жылдын 31-июлундагы № 138 «Калкты кургак учуктан сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, 2006-жылдын 8-августу, № 58);

10) 2009-жылдын 24-июлундагы № 248 «Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосттору, 2009-ж., № 7, 758-б.);

11) 2011-жылдын 21-апрелиндеги № 16 «Калкты кургак учуктан сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, 2011-жылдын 29-апрели, № 32-33);

12) 2011-жылдын 13-июнундагы № 44 «Кыргыз Республикасындагы ВИЧ/СПИД жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, 2011-жылдын 21-июну, №48);

13) 2011-жылдын 19-июлундагы № 112 «Жугуштуу ооруларды иммунопрофилактикалоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, 2011-жылдын 26-июлу, № 60);

14) 2013-жылдын 16-майындагы № 72 «Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, 2013-жылдын 21-майы, № 41);

15) 2014-жылдын 29-декабрындагы № 171 «Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, ____________);

16) 2016-жылдын 29-апрелиндеги № 52 «Жарандардын саламаттыгын сактоо маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 2-беренеси («Эркин Тоо» гезити, 2016-жылдын 17-майы, № 41);

17) 2016-жылдын 30-июнундагы № 94 «Калкты кургак учуктан сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, 2016-жылдын 5-июлу, № 59);

18) 2017-жылдын 5-июлундагы № 119 «Жугуштуу ооруларды иммунопрофилактикалоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, 2017-жылдын 11-июлу);

19) 2017-жылдын 4-майындагы № 74 «Кыргыз Республикасындагы ВИЧ/СПИД жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, 2017-жылдын 19-майы, №62);

20) 2019-жылдын 26-февралындагы № 31 «Калкты кургак учуктан сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, 2019-жылдын 8-марты, №17);

21) 2019-жылдын 24-апрелиндеги № 53 «Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, 2019-жылдын 26-апрели, № 32);

22) 2020-жылдын 17-августундагы № 136 «Кыргыз Республикасындагы ВИЧ/СПИД жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамы («Эркин Тоо» гезити, ____________).

3. Бул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар ушул Мыйзамга каршы келбеген бөлүгүндө колдонулат.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып үч айлык мөөнөттө:

1) өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга шайкеш келтирсин;

2) ушул Мыйзамга шайкеш келтирүүнү караган мыйзамдардын долбоорлорун белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти**